МОНОСАХАРИДЫ /ГЛИКОЗЫ, МОНОЗЫ/ моносахариддер /м. полиоксиальдегидден турат. Сууда жакшы, спиртте начар эрүүчү кристаллдуу заттар. Табигый булактары - өсүмдүктөр/.

МОНОХЛОРУКСУСНАЯ КИСЛОТА монохлоруксус кислотасы $ClCH_2COOH$ /муз уксус кислотасын фосфордун же күкүртүн катышуусунда хлорлоодон алынат. Индигону синтездеп алуу өндүрүшүндө колдонулат. Сууда жеңил эрийт. Кислоталык касиети жагынан уксус кислотасынан өйдө турат/.

МОНОЭТИЛОВЫЙ ЭФИР СЕРНОЙ КИСЛОТЫ күкүрт кислотасынын моноэтил эфири /к. этилсерная кислота/.

МОРИН морин $C_{15}H_{10}O_7$ /оксифлавон классына кирүүчү сары боек. Сары жыгачтын экстрагында болот. Мала сары түстөгү ийне түрүндөгү кристалл же болбосо порошок, $t_э$=290°С, сууда, эфирде жана уксус кислотасында начар эрийт, спиртте эрибейт/.

МОРФИН морфин $C_{17}H_{19}O_3N$ /апийимдин эң негизги алкалоиди. Морфин күчтүү аналгетик болуп, уктатуу касиетине ээ/.

МОРФИНАН морфинан /биринчи жолу Греве жөнөкөй жана кыйык жол менен синтездеп алган. Анальгетикалык касиетке ээ/.



МОРФЕНОЛ морфенол




морфиндин ажыроосунан пайда болот. Молекуласынын негизи фурен шакекчесинен туруп, аны үч бензол тегеректеп турат. $t_э$=145°С.

МОЧЕВАЯ КИСЛОТА сийдик кислотасы $C_5H_4O_3N_4$ /түссүз кристаллдан турган зат. Сууда, спиртте жана эфирде начар эрийт. Жасалма жол менен барбитур кислотасынан алынат. Кофеинди синтездеп алууда колдонулат/.

МОЧЕВИНА мочевина $CO/NH_2/_2$ /түссүз, жытсыз кристаллдан турат, муздаткыч даамдуу, $t_э$=132,7°С. Сууда, спиртте эрийт, хлороформдо эрибейт. Өнөр жайда көмүртек кычкылы менен аммиактын өз-ара аракеттенишинен алынат. Мочевина өнөр жай тармактарында жана айыл чарбада кеңири колдонулат/.

МУКАПТОБЕНЗОЛ мукаптобензол /к. тиофенол/.

МУКОНОВАЯ КИСЛОТА мукон кислотасы /үч изомер түрүндө жашайт:

а/ транс,-транс-изомер:
```
            HC -  CH
            ||    ||
     HOOC - CH    HC    -COOH
```

$t_э$=305°С. Фенолду надуксус кислотасы менен акырындык менен кычкылдандыруудан алынат.

б/ цис,цис-изомер:



$t_э$=187-188°C. О-хинонду надуксус кислотаси менен кычкылдандыруудан алынат.

в/цис,транс-изомер:

```
HC                CH
||                ||
H - C -COOH       H - C-COOH
```

МУРАВЬИНАЯ КИСЛОТА кумурска кислотасы $HCOOH$ /кескин жыттуу, түссүз суюктук. $t_э$=8,25°. $t_к$=100,7/760 мм.Суу, эфир жана спирт менен бардык катнашта аралашат.Чалканда,ийне жалбырактуу арчада болот. Жүн жана кебез кездемелерин боедоо протравка катарында колдонулат/.

МУРЕКСИД мурексид $C_8H_8O_6N_6 \cdot H_2O$ /сууда жаман эрий турган күрөң кызыл порошок.Мурксидди сийдик кислотасын азот кислотасы менен кычкылдандыруудан алынат. Кальцийди аныктоодо индикатор болуп колдонулат/.

МУСКАРИН мускарин /$C_9H_{20}O_2\overset{+}{N}$/$X^-$ /кызыл мухомордун негизги уулу заты /алкалоид/. Жүректүн согушун басаңдатуучу каражат.Жаштын,тердин шилекейдин бөлүнүшүн күчөтөт.Мускаринге антропин каршы турат.

МУСКОН мускон

```
CH3 -CH  - CH2
     |      |
   /CH2/12 CO
```

/жаныбар мускусу 15-мүчөлүү, шакектүү кетон.Эң бир маанилүү, жыттуу зат. Жасалма жол менен алынат/.

МУСКУС мускус /татаал түзүлүштүү, жыттуу, өсүмдүктөрдөн жана жаныбарлардан чыккан зат. Парфюмерия өндүрүшүндө баалуу мааниге ээ/.

МУСОЛ мусол /к. салол/.

МУЦИНОВАЯ КИСЛОТА муцин кислотасы /к. слизевая кислота/.



- Н -

НАДБЕНЗОЙНАЯ КИСЛОТА /ГИДРОПЕРЕКИСЬ БЕНЗОИЛА/ надбензой кислотасы / $t_э$=34-35°C.Кычкылдандыруу касиетин ээ болгондуктан синтезде кычкылдантыч катарында колдонулат. Мунун жардамы менен этилендин туундуларын эпоксидге жана гликолго чейин тегиз кычкылдандырууга болот/.

НАЙЛОН найлон /найлонду жасалма жол менен гексаметилендиаминге адипин кислотасын эритип кошуудан алынган полиамидден жасалуучу өтө эле бышык созулгуч була. Полиамиддин түзүлүшү: $HOOC/CH_2/_4CO[NH/CH_2/_6NHCO/CH_4/_4CO]_xNH/CH_2/_6NH_2$ /.

НАЛОРФИН налорфин $C_{19}H_{21}O_3N \cdot HCl$ /түссүз кристаллдардан турган зат. $t_э$-250-253°C, сууда, жегич эритмелеринде жакшы эрийт.Кыйындык менен спиртте эрийт. Налорфинди морфинден цианнориацетилморфин жана норморфин аркылуу алат. Морфиндин жана башка анальгетиктердин дозасы көп берилип калганда,налорфинди аларга антидот катарында колдонот/.

НАРКОЛАН нарколан $CBr_3CH_2OH$ /майда кристаллдан турган ак порошок. $t_э$=80-82,5°, $t_к$= 92-94°/10мм.Сууда кыйындык менен эрийт, спиртте,эфирде жана бензолдо жеңил эрүүчү зат.Сууда жана абада туруксуз.Нарколанды $CBr_3CHO$ калыбына келтирүүдөн

$Al/изо\text{-}C_3H_7O/_3 \longrightarrow C_3H_7OH$ алат. Наркотикалык каражат катарында колдонулат/.

НАРКОТИН наркотин $C_{22}H_{23}O_7N$ / апийимдин алкалоиди 9%ке чейин болот. Кристаллдан турган зат. $t_э$=176°C,сууда эрибегенге барабар.Наркотин морфиндин таасирин күчөтүүчү зат.Медицинада

наркотин колдонулбайт. Котарнинди жана гидрастининди алуучу сырье болуп кызмат кылат/.

НАРЦЕИН нарцеин $C_{23}H_{27}NO_8 + 3H_2O$ /наркотин менен байланыштуу апийимдин алкалоиди. Хлорметилатнаркотинди жегич менен кошуп ысытуудан нарцеин пайда болот. $t_э=145^oC$. Ууландыра турган дозадан башка дозалары көрүнүктүү физиологиялык таасир бербейт/.

НАФТАЗАРИН нафтазарин $C_{10}H_6O_4$ /саргыч жашыл же кызыл түстүү кристаллдан турган зат. 2-10 мм.рт. басымда кургак бууланат. Сууда, эфирде жана спиртте азыраак эрийт, муз уксус кислотасында дурус эрийт. 1,5-динитронафталинди /40-45°/ олеум жана күкүрт менен кошуп ысытуудан 1,4-аминоокси-$\alpha$-нафтохинонимин пайда болот. Муну гидролиздөөдөн нафтазарин келип чыгат. /Күкүрт ангидриди / $SO_3$/ менен каныккан 96-98% күкүрт кислотасы олеум деп аталат/.

НАФТАЛЕВАЯ КИСЛОТА нафтал кислотасы $C_{12}H_8O_4$ /ийне түрүндөгү кристаллдан турган, эки бензол шакекчесинде эки карбоксил группасын кармаган ароматикалык көп негиздүү кислоталардын өкүлү. 140-150° температурада суусун жоготуп, 274°-ангидриди түрүндө эрийт. Сууда, эфирде эрибейт/.

НАФТАЛИН нафталин $C_{10}H_8$ /түссүз, пластинка түрүндөгү кристаллдан турган зат. $t_э=80,3^o$, $t_к=218^oC$, сууда начар, көпчүлүк органикалык эриткичтерде эрийт. Таш көмүр смоласы, нафталиндин негизги алуу булагы болуп саналат. Өндүрүш тармагында таш көмүр смоласынын нафталиндүү фракциясынан алынат. Көбүн жоготуучу инсектицид/.



НАФТАЛИНА СУЛЬФОКИСЛОТЫ нафталиндин сульфокислоталары /минералдуу кислоталарда, сууда жакшы эрүүчү кристаллдуу продукт. Боекторду синтездөөчү аралык продукту болуп эсептелет/.

НАФТАЦЕН нафтацен $C_{18}H_{12}$ /бронза түстөнүп кетүүчү кызгылт сары пластинка түрүндөгү кристаллдуу зат. $t_э=337^oC$. Көпчүлүк органикалык эриткичтерде эрибейт. Эритмелери жашыл флуоресценцияны берет. Химиялык касиети жагынан антраценге окшош. Жасалма жол менен 9,10-дигидронафтацен менен катар нафтаценхинонду, диоксинафтаценхинонду алууга болот/.

НАФТЕНОВЫЕ КИСЛОТЫ нафтен кислоталары /алициклдүү карбон кислоталары; илээшкен коюу суюктук. Молекулалык салмагы 114-1000 чейин жетет. Вакуум астында жаңыдан айдатылып алынган н.к. түссүз, жытсыз зат. Бир аз тургандан кийин сары түскө айланып, туруктуу жагымсыз жытты пайда кылат. $t_к=214-300^oC$. Техникада нафтен кислоталарын нефтинин суутектүү көмүртектерин катализдеп кычкылдандыруудан алат/.

НАФТИЛАМИНЫ нафтиламиндер $C_{10}H_7NH_2$ /кристаллдардан турган зат, көп турганда кычкылданып кара түскө айланат. Сууда азыраак, кислоталарда жакшы эрийт. Боек синтезинде нафтиламин кеңири колдонулат/.

НАФТИЛКАРБАМИТ нафтилкарбамит /к. севин/.

НАФТИОНОВАЯ КИСЛОТА нафтион кислотасы $C_{10}H_9O_3NS$ /ийне түрүндөгү кристаллдан турат. Сууда жакшы эрийт. $\alpha$-нафтиламиндин сульфатын 160-180° ысытуудан алынат. Боек өндүрүшүндө диазокомпонент катарында, ал эми "конго" кызылын /индикатор/ алууда айрыкча маанилүү/.

НАФТОЙНАЯ КИСЛОТА нафтой кислотасы $C_{11}H_8O_2$ /муздак сууда эрибеген, ысык сууда азыраак эрүүчү, түссүз кристаллдан турган зат. Спиртте, эфирде жакшы эрийт. Нафтой кислотасы жегич эритмесиндеги перманганаттын таасирине туруктуу. $\alpha$-метил же $\alpha$-хлорметилнафталиндерди кычкылдандыруудан алынат. Нафтой кислотасы дагы боекторду синтездеп алууда колдонулат/.

НАФТОЛЫ нафтолдор $C_{10}H_{8-n}/OH/_n$ /n=1,2,3 ж.б./ /мүнөздүү жыттуу түссүз кристаллдардан турган заттар. Органикалык эриткичтерде жана жегичтерде жакшы эрүүчү, суюлтулган кислоталарда эрибөөчү, сууда азыраак эрүүчү зат. Өнөр жай нармагында сульфокислоталарды нафталинге жегич менен 280-320° эритип кошуудан алынат. Боек өндүрүшүндө эң маанилүү рольго ээ/.

НАФТОЛА СУЛЬФОКИСЛОТЫ нафтол сульфокислоталары /молекуласындагы оксигруппаларына сульфогруппаларды кармаган нафталиндин туундулары. Нафтосульфокислоталардын айкын эрүү температуралары болбойт. $\alpha$-же $\beta$-нафтолдорду сульфирилдөөдөн / SO⁻/ алынат. Боек өндүрүшүндө колдонулат/.

НАФТОСТИРИЛ нафтостирил $C_{11}H_7ON$ / ийне түрүндөгү сары түстүү кристалл. $t_э$=180-181°С, кайнак сууда жана эфирде кыйындык менен эрийт. Лайкарт реакциясынын негизинде нафтилизоцианатты $AlCl_3$ - NaCl кошундусу менен 155-160° кайнатуудан нафтостирил келип чыгат. Полициклдүү боекторду синтездеп алууда ортодон пайда болгон продукт/.

$\alpha$-НАФТОХИНОЛИН $\alpha$-нафтохинолин $C_{13}H_9N$ /ак майда кристаллдан турган зат. $t_э$=93-94°С, сууда начар, спиртте, эфирде, бензолдо жакшы эрийт. Күкүрт кислотасынын жана нитробензолдун



катышуусунда $\beta$-нафтиламин менен глицериндин өз ара аракеттенүүсүнөн пайда болот. Zn, Bi, Cd, Cu, Hg жана башка элементтерди ачууда жана аларды чөктүрүп алууда реагент болуп колдонулат/.

НАФТОХИНОНЫ нафтохинондор $C_{10}H_6O_2$ /нафталин катарынын хинондору/

а/ $\alpha$-нафтахинон, 1,4 -нафтахинон



ийне түрүндөгү сары түстүү кристалл. $t_э$=128,5°С, сууда кыйындык менен органикалык эритмелерде жеңил эрий турган зат. Нафталинди хром кислотасы менен кычкылдандыруудан алынат.

б/ $\beta$-нафтохинон, /1,2-нафтохинон/ мала сары же болбосо кызгыл сары түстүү ийне түрүндөгү кристалл. 1-амин-2-нафтолду бихромат менен кычкылдантып алат. Боекторду синтездеп алууда колдонулат.

в/ амфи-нафтохинон, /2,6-нафтохинон/; эң эле туруксуз бирикме. Өйдөкү $\alpha$-$\beta$- нафтохинондорго караганда күчтүү кычкылданткыч. Амфи-нафтохинон 2,6-диоксинафталинди коргошундун өтө кычкылы менен /кайнатылган бензолдо/ кычкылдандыруудан алынат.

НЕЙРИН нейрин $/CH_3/_3N/OH/CH=CH_2$ /түссүз, сироп сымактуу суюктук. Сууда, спиртте жана эфирде эрийт. Нейрин өтө уу зат. Бромдуу триметиламмонийден алынат. Жаратылышта холинден пайда болот/.

НЕОГЕКСАН неогексан $CH_3C/CH_3/_2C_2H_5$ /түссүз суюктук, $t_э$=-99,870°С, $t_к$=49,741/760 мм рт.ст. Нефтиде жана бензинде

болот. Өнөр жай шартында этиленди изобутан менен жогорку температурада /500-511° жана 150-3000 атмосфералык басым астында/ алкилдөөдөн алынат. Жогорку сапаттуу бензинди алууда жогорку октан компонечти болуп колдонулат/.

НЕОДИКУМАРИН <u>неодикумарин</u> $C_{22}H_{15}O_8$ же



түссүз порошок. $t_э$=175-178°C. Сууда жана көпчүлүк органикалык эриткичтерде кыйындык менен эрийт. Неодикумарин о-ацетилсалицил кислотасынан алынат. Неодикумарин канда протромбиндин санын азайтат. Ошондуктан тромбоз, тромбофлебит, эмболий жана инфаркт миокард ооруларын дарылоодо жана алдын алууда колдонулат.

НЕОПЕНТАН <u>неопентан</u> $/CH_3/_2C/CH_3/_2$ /өнөкөй суутектүү көмүртек, түссүз суюктук. $t_э$= -16,55°, $t_к$=9,5/760 мм рт.ст. Неопентанды 2,2-дихлорпропандан жана цинкдиметилден синтездеп алууга болот. Эң көп санда нефтиде болот/.

НЕРАДОЛЫ <u>нерадолдор</u> /фенолсульфокислоталардан жана формальдегидден алынат, ийлөөдө жана өң берүүдө колдонулуучу зат/.

НЕРВОН <u>нервон</u> $C_{48}H_{91}NO_8$ /ак кристаллдан турган зат. $t_э$=180°C. Пиридинде жана хлороформдо жакшы эрийт, сууда, петролей эфиринде, эфирде эрибейт. Көбүнчө мээнин ак затында жана көпчүлүк жаныбарлардын нерв ткандарында болот. Нервонду бөлөк липиддерден кошундусунан бөлүүгө силикагелдүү, түтүктүү хромотография методу колдонулат/.



НЕРВОНОВАЯ КИСЛОТА <u>нервондуу кислота</u> $CH_3/CH_2/_7CH$ = = $CH/CH_2/_{13}COOH$ /адамдын мээсиндеги цереброзидде кармалат. Цис-формасынын $t_э$=39°, транс-формасынын $t_э$=61°C /.

НЕРОЛ <u>нерол</u> $C_{10}H_{18}O$ /май катарындагы терпен спирти. Розанын жытындай жагымдуу жыты бар, түссүз суюктук. Эфир майларынын составына кирет. $t_к$=226-227°/760 мм рт.ст. Сууда эрибейт, спиртте, эфирде жакшы эрийт. Н. линалоолду кычкыл чөйрөдө изомеризациялоодон алынат. Парфюмеричлык композицияда колдонулат/.

НЕРОЛИДОЛ <u>неролидол</u> /алифатикалык сесквитерпендердин спирти фарнезол жана неролидол, $C_{15}H_{26}O$ -баалуу, жыпар жыттуу зат/.

НЕРОЛИН /МЕТИЛОВЫЙ ЭФИР β-НАФТОЛА/ <u>неролин</u> $C_{11}H_{10}O$ түссүз кристаллдан турган зат. $t_э$=72°, $t_к$=274°C, сууда эрибейт, эфирде, хлороформдо, бензолдо жакшы эрийт. β-нафтолду диметилсульфат менен метилдөөдөн алынат. Черемуханын жытындай жагымдуу жыттуу, ошондуктан парфюмерияда самынга, одеколонго жыт берүү үчүн колдонулат/.

НИКОДИН <u>никодин</u> $C_7H_8O_2N_2$ же




түссүз кристаллдан турган зат. $t_э$=141-142°C, сууда жана спиртте эрийт, эфирде эрибейт. Никотин кислотасынын амиди формальдегид менен конденсациялоодон алынат. Өттүн жолдорун тазалоодо, дарылоодо колдонулат.

НИКОТИН __никотин__ $C_{10}H_{14}N_2$ же



учма, түссүз, май сыяктуу суюктук. Тамеки жытанган кити бар, абада карайып кетет. $t_к$=246°/730 мм рт.ст. Органикалык эриткичтерде жакшы эрийт. Тамеки өндүрүшүнөн чыккан калдыктарды кальцийдин акиташы менен тазалоодон жана органикалык эриткичтер менен экстракциялоодон алынат. Никотин борбордук нерв системасына таасир эте турган күчтүү уу зат. Никотин кислотасын алууда колдонулат.

НИКОТИНОВАЯ КИСЛОТА __никотин кислотасы__



ийне сыяктуу түссүз кристаллдан турган зат. $t_э$=235,5-236,5°С. Органикалык эриткичтерде жаман эрийт. Никотин кислотасынын нитрилин самындоодон алынат.

в/ АМИД НИКОТИНОВОЙ КИСЛОТЫ __никотин кислотасынын амиди__



түссүз кристаллдан турат. $t_э$=131-132°С, сууда, спиртте жана органикалык эриткичтерде эрийт. Никотин кислотасы менен аммиактын 230° температурада таасирленишинен никотин кислотасынын



амиди пайда болот.

НИНГИДРИН __нингидрин__ $C_9H_6O_4$ же



мала сары түстөгү кристалл. $t_э$-241°С, сууда, жегичте жакшы, спиртте начар эрийт. Аминокислоталарды ачуудагы реактив катарында маанилүү. Аминокислоталар менен суу эритмесинде ысыткан да кочкул көк түстү пайда кылат.

НИТРИЛЫ __нитрилдер__ $C_nH_{2n+1}C\equiv N$/синиль кислотасынын эфирлери нитрилдер же алкилцианиддер деп аталат. Алифатикалык алкилцианиддерге метил, этил, цианиддери, изонитрил, ацетонитрил пропионитрил кирет, жыпар жыттуу алкилцианиддердин өкүлү-бензонитрил/.

НИТРИЛ МИНДАЛЬНОЙ КИСЛОТЫ __миндаль кислотасынын нитрили__ /к. __амигдалин__/.

НИТРОАНИЛИДЫ /Ar NH-$NO_2$/ __нитроанилиддер__ $C_6H_5NHNO_2$ /н.з. алуунун бир канча жолу болот. Эң жөнөкөй жолу анилинди кош азот кислотасы жана уксус ангидриди менен төмөнкү температурада иштетип чыгуу болот. Нитроанилид жакшы кристаллданат. $t_э$=46°С, 100° - температурада азотту бөлүү менен ажырап кетет/.

НИТРОАНИЛИНЫ/НИТРОПРОИЗВОДНЫЕ АНИЛИНА/ __нитроанилиндер__ /сары түстүү кристаллдан турган өтө уулу зат. Кандын гемоглобинин метгемоглобинге айлантат. Айрыкча нитроанилиндин спиртте ги аралашмасынын таасири өң коркунучтуу. Аво боекторду синтез

деп алууда гана колдонулат/.

НИТРОБЕНЗОЙНЫЕ КИСЛОТЫ нитробензой кислотасы / бензой кислотасынын туундусу. Нитробензой кислотасы, бензой кислотасынан күчтүүрөөк кислота. Техникада О,-М,-П-бензой кислоталары маанилүү/.

НИТРОБЕНЗОЛ нитробензол $C_6H_5NO_2$ /ачуу миндалдын жытындай, май сыяктуу суюктук. Суудагы эритмеси таттуу даамдуу. Таза нитробензол түссүз, техникалык н.б. мала сары түстүү. $t_э$=5,75°, $t_к$=210,80/760 мм рт.ст. Бардык катнашта бензол жана спирт менен аралашат. Өнөр жай тармагында н.б. бензолду азот жана күкүрт кислотасынын кошундусу менен 40-50° нитрилдөөдөн алынат. Нитробензол анилинди алууда колдонулат/.

НИТРОГЛИЦЕРИН нитроглицерин $CH_2ONO_2CHONO_2CH_2ONO_2$ /глицериндин жана азот кислотасынын толук эфири. Эң эле таттуу, түссүз, май сыяктуу зат. Нитроглицерин күчтүү жарылгыч зат. Негизинен динамиттерди жасоодо колдонулат/.

НИТРОЗОБЕНЗОЛ нитрозобензол $C_6H_5NO$ /ийне түрүндөгү түссүз кристаллдан турган зат. $t_э$=67,5-68°, $t_к$=57-59°/18 мм Сууда эрибейт, органикалык эриткичтерде жакшы эрип, жашыл түстү пайда кылат. Нитрозобензолду нитробензолдон же -фенилгидроксиламинди күкүрт кислотасынын катышуусунда калий хроматы менен кычкылдандыруудан алууга болот/.

П-НИТРОЗОДИМЕТИЛАНИЛИН п-нитрозодиметиланилин $/CH_3/_2NC_6H_4NO$ /жашыл түстүү кристаллдан турган зат. $t_э$= =85°С, органикалык эриткичтерде жакшы эрийт. N,N-диметиланилинди нитроздоштуруудан алынат. Химиялык анализде фенилгли-



ковидди чөктүрүүдө жана ар түрдүү препаративдик максаттарда колдонулат. Териге тийсе экземаны пайда кылышы мүмкүн/.

N-НИТРОЗОДИФЕНИЛАМИН N-нитрозодифениламин $/C_6H_5/_2N-NO$ /пластинка түрүндөгү саргыч жашыл кристаллдан турган зат. $t_э$=66,5°С, сууда аз эрийт, жылуу бензолдо жеңил эрийт. Туз кычкылдуу дифениламиндин спирттүү муздак эритмесине натрийдин нитритин кошуудан алынат. Органикалык боекторду синтездеп алуудан чыккан продукт. Колориметриялык жол менен палладийди ачууда колдонулат/.

НИТРОЗОМЕТИЛМОЧЕВИНА нитрозометилмочевина $CH_3-N-NO/CONH_2$ /ак кристаллдан турган зат. $t_э$-123-124°С, сууда, спиртте, эфирде жеңил эрийт. Метилмочевинаны нитроздоштуруудан пайда болот/.

НИТРОЗОМЕТИЛУРЕТАН нитрозометилуретан $CH_3N/NO/COOC_2H_5$ /сары түстүү суюктук. Көз, мурундун чел кабыктарын дүүлүктүрүүчү зат. $t_к$=65-65,5°/ 13 мм. N-метилкарбамин кислотасынын этил эфирине $HNO_2$ менен таасир этүүдөн алынат/.

α-НИТРОЗО-β-НАФТОЛ /1-НИТРОЗО-2-НАФТОЛ/ α-нитрозо-β-нафтол $C_{10}H_7O_2N$ /күрөң кызгыл сары түстүү кристаллдан турган зат. $t_э$=108-110°С, сууда аз эрийт. Ысытканда суунун буусу менен учуп кетет. β-нафтол менен нитрит натрийдин /$NaNO_2$/ өз ара аракеттенүүсүнөн α-нитрозо-β-нафтол пайда болот. Бул заттын 1885-ж. М.А.Ильинский аналитикалык иштерде реактивдик касиетин ачкан/.

НИТРО-R-СОЛЬ /ДИНАТРИЕВАЯ СОЛЬ 1-НИТРОЗО-2-НАФТОЛ-3,6-ДИСУЛЬФОКИСЛОТЫ/ нитро-R-соль /1-нитрозо-2-нафтол-3,6-дисульфокислотанын эки натрийдүү тузу/. $C_{10}H_5O_8NS_2Na_2$ /алтындай сары кристаллдан турган зат. Бул туз метил, этил спирттеринде эрийт, бир аз ысык сууда да эрийт. Кобальтты колориметрия жолу менен аныктоодо колдонулат/.

П-НИТРОЗОФЕНОЛ п-нитрозофенол HO-$C_6H_4$ -NO /түссүз кристалл. $t_э$=133°C, муздак сууда кыйынчылык менен, спиртте, эфирде, ацетондо жеңил эрийт. Нитрозофенол - фенолго азоттуу кислота менен таасир этүүдөн же болбосо п-нитрозодиметиланилинди жегич менен ажыратуудан алынат/.

НИТРОМЕТАН нитрометан $CH_3NO_2$ /ачуу миндалдын жытын-дай мүнөздүү жыты бар, түссүз суюктук. $t_э$=28,55°, $t_к$=101,186/ /760 мм. Нитрометан бардык органикалык эриткичтерде эң жакшы эрийт. Өнөр жайларда парафин углеводороддорунун молекуласын үзүп, үзүндүлөргө азот кычкылын бириктирүүдөн алынат. Эриткич катары колдонулат/.

НИТРОН нитрон $C_{20}H_{16}N_4$ /сары кристаллдан турган зат. $t_э$=189-190°C ажыроо менен эрийт. Сууда эрибейт, эфирде начар, ысык спиртте жана ацетондо дурус, бензолдо, хлороформдо жеңил эрийт. Нитрон күчтүү негиз. Фенилгидразин менен карбодифенилдиимиддин өз ара аракеттенүүсүнөн трифениламиногуанидин келип чыгат, фениламиногуанидинди кумурска кислотасы менен нонтуудан нитрон пайда болот. Нитронду химиялык анализде $NO_3^-$, $ClO_4^-$, $WO_4^{-2}$ аниондорун аныктоодо колдонулат/.

НИТРОНАФТАЛИНЫ нитронафталиндер $C_{10}H_7O_2N$ эки изомерден турат.



а/ α-нитронафталин



мала сары ийне түрүндөгү кристаллдан турган жытсыз зат. $t_э$ = 62°C, $t_к$=57,8°C. Көпчүлүк органикалык эриткичтерде эң жакшы эрийт.

б/ β-нитронафталин пластинка же ийне түрүндөгү кристаллдан турган зат. $t_э$=78,7°, $t_к$=312,5°/734,4 мм. Суунун буусу менен кайталап тазалап алууга болот.

НИТРОНОВЫЕ КИСЛОТЫ нитрондуу кислоталар /аци-нитро бирикмелерди нитрондуу кислоталар дейбиз. Бул термин



группасынын



менен окшоштугун көрсөтөт. Биринчи жана экинчи май катарындагы нитро-бирикмелер эки десмотропия абалында болуп /кислоталык жана негиздик/, бир бирине өтүп турат/.

НИТРОПРОПАН нитропропан $C_3H_7NO_2$ /эки изомери белгилүү:

1/ 1-нитропропан $CH_3CH_2CH_2NO_2$ $t_э$=103,99, $t_к$ = 131,18°/760 мм.

2/ 2-нитропропан $(CH_3)_2CHNO_2$ $t_э$=91,32°, $t_к$= 120,25/760 мм. Нитропропан мүнөздүү жыты бар, түссүз суюктук. Нитропропандар көпчүлүк органикалык эриткичтерде эрийт. Нитроспирттерди синтездеп алуу өндүрүшүндө эриткич катарында колдонулат/.

НИТРОСОРБИД нитросорбид $C_6H_8O_8N_2$ /түссүз кристаллдан турган зат. $t_э$=69-71°C, сууда эрибегенге барабар. Органикалык

эриткичтерде эрип, көп турганда да бузулбайт.Сорбидге кош азот кислотасы менен же азот жана күкүрт кислотасынын аралашмасы менен таасир этүүдөн нитросорбид алынат. Жүрөк тамыр оорусун дарылоодо колдонулат/.

НИТРОТОЛУОЛЫ нитротолуолдор /толуолдун нитротуундулары. Ылдыйкы изомерлери белгилүү:

а/ 3-мононитротолуол -толуолду азот жана күкүрт кислотасынын кошундусу менен 40°-нитрлөөдөн алынат.

б/ 6-динитротолуолдор,

в/ 5-тритетратолуолдор,

г/ тетранитротолуол.

$t_э$=1°С.Муну тринитро-м-толуиндинди азоттун кычкылы менен таасир этүүдөн алынат.Нитротолуолдор боекторду синтездөө өндүрүшүндө колдонулат.Булар уулуу заттар/.

НИТРОФЕНОЛЫ нитрофенолдор /фенолдун бир же бир нече нитрогруппаларды кармашы/.

НИТРОФОРМ нитроформ $CH/NO_2/_3$ /ылдыйкы температурада эрүүчү,мүнөздүү жыты бар зат. $t_э$=22-23°, $t_к$=45-47°/22 мм. Органикалык эриткичтерде жакшы эрийт. Ацетиленге кош азот кислотасы менен катализатордун /сымап нитратынын/ катышуусунда таасир этүүдөн нитроформ алынат.Нитроформуулуу/.

НИТРОХЛОРБЕНЗОЛЫ нитрохлорбензолдор /бензолдун туундулары/ $C_6H_{6-n-m}Cl_n/NO_2/_m$ /мүнөздүү жыты бар, мала сары түстөгү кристаллдан турган зат. Сууда эрибегенге барабар, спиртте бензолдо,эфирде эрийт.Органикалык боекторду синтездөө өндүрүшүндө аралык продукталарды алууга колдонулат.Уулуу канга жана боорго таасир этет/.



НИТРИХЛОРОФОРМ нитрохлороформ /к. трихлорнитрометан/.

НИТРОЦЕЛЛЮЛОЗА нитроцеллюлоза /целлюлозанын жана азот кислотасынын татаал эфири. Ак же сары түстүү буладан турган борпоң ным тартуучу зат. Нитроцеллюлозаны алууда кыска буласы /Линтер/ пахтацеллюлозасы колдонулат да аны азот жана күкүрт кислотасы менен актайт. Бытнра алуу өндүрүшүндө колдонулат/.

НИТРОЦИКЛОГЕКСАН нитроциклогексан $C_6H_{11}NO_2$ /түссүз суюктук. $t_к$=205,5-206°/768 мм. Сууда эрибей, жегичте жана органикалык эриткичтерде жакшы эрийт. Циклогександы суюлтулган азот кислотасы же азоттун кош кычкылы менен нитрлөөдөн нитроциклогексан алынат/.

НИТРОЭТАН нитроэтан $CH_3CH_2NO_2$ /мүнөздүү жыты бар, түссүз суюктук. $t_э$=89,52°, $t_к$=114,07/760 мм. Нитроэтан көпчүлүк органикалык эриткичтерде жакшы эрийт. Уксус кислотасын синтездөөдө негизги зат болуп жана эриткич катарында колдонулат/.

НИТРОЭТИЛЕН нитроэтилен $CH_2$=$CHNO_2$ /кескин жыттуу,саргыч жашыл түстүү суюктук. $t_к$=98,5/760 мм. Органикалык эриткичтерде эрийт. Формальдегид менен нитрометанды 250-300° конденсациялап нитроэтилен алынат, мында катализатор болуп, коргошун ацетаты катышат/.

НОВОБИОЦИН новобиоцин $C_{31}H_{36}N_2O_{11}$ / антибиотик, оптикалык активдүү, түссүз кристаллдан турган зат. Эки түрдүү абалда болот. $t_э$=170-172°, $t_к$ =152-156°, өпкө оорусун жана башка инфекцияларды дарылоого колдонулат/.

НОВОКАИН новокаин $C_{13}H_{20}O_2N_2$ .HCl же

$H_2N$ -  $-COO/CH_2/_2N/C_2H_5/_2 \cdot HCl$

/жыты жок түссүз кристаллдан турган зат. Сууда, спиртте жакшы, органикалык эриткичтерде жаман эрийт. Новокаинди п-аминобензой кислотасынын этил эфирин жана диэтиламиноэтанолду натрийалкоголятынын катышуусунда кайталап этерификациялоодон алат. Медицинада колдонулат/.

НОВОКАИНАМИД новокаинамид $C_{13}H_{21}ON_3 \cdot HCl$ /кристаллдуу ак порошок. $t_э=165-170^{\circ}C$, сууда, спиртте жакшы эрийт, эфирде жана дихлорэтенда эрибейт. П-нитробензой кислотасынын хлорангидридинен жана диэтиламиноэтиламинен алынат. Жүрөк ооруларына колдонулат/.

НОНАН нонан $CH_3/CH_2/_7CH_3$ /түссүз суюктук, $t_э=-53,519^{\circ}$, $t_к=150,798^{\circ}C$. Нефтиде жана нефтиден болуп алынган бензинде, эфир майларында болот. Синтинди ректификациялап, химиялык тазалоо менен нонанды алууга болот/.

НОНИЛОВЫЙ АЛЬДЕГИД нонил альдегиди $CH_3/CH_2/_7CHO$ /түссүз суюктук, $t_к=192/760$ мм. Сууд менен аралашпайт, спиртте, эфирде, хлороформдо эрийт. Кээ бир эфир майларында болот. Олеин кислотасынан жана нонил спиртинен алынат. Парфюмерия өндүрүшүндө жыт берүүчү зат катарында жана синтетикалык иштерге колдонулат/.

НОНИЛОВЫЙ СПИРТ нонил спирти $CH_3/CH_2/_7CH_2OH$ /түссүз суюктук. $t_э=5,0^{\circ}$, $t_к=212^{\circ}/750$ мм. Нонил спирти суу менен аралашпайт. Хлороформдо, эфирде, спиртте эрийт. Пеларгон, альдегидин, кислотасын жана анын эфирин катализдин катышуусунда суутектендирүүдөн нонил спирти алынат. Розанын жана цитронеллолдун жытындай жыттуу зат, ошондуктан парфюмерияда колдонулат



НОРАДРЕНАЛИН норадреналин $C_8H_{11}O_3N$ / бөйрөк үстүндөгү безде жана башка органдарда адреналин менен кошо жүрүүчү фармакологиялык мааниси жагынан таптакыр башкача норадреналин заты болот. $/HO/_2C_6H_3CHOHCH_2NH_2$. Артерия кан тамырындагы басымды өйдөлөтүүгө колдонулат/.

НОРВАЛИН норвалин $CH_3-/CH_2/_2-CH/NH_2/-COOH$ /түссүз кристаллдан турган зат. $\alpha$-бромвалериан кислотасынан норвалин алынат/.

НОРКАРАН норкаран $C_7H_{12}$ /каныккан бициклдүү суутектүү көмүртектерден турган суюк зат. $t_к=110^{\circ}C$/.

НОРЛЕЙЦИН норлейцин $CH_3-/CH_2/_3-CH/NH_2/-COOH$ /түссүз кристаллдан турган, оптикалык активдүү зат. $d$-жана $l$-формадан турат. Д, $l$ - $t_э=-30^{\circ}C$, $t_к=297-300^{\circ}C$. Сууда бир аз эрийт, муздак спиртте начар, эфирде эрибейт. Ласалма жол менен $\alpha$-бромкапрон кислотасынан алынат/.

НОРСУЛЬФАЗОЛ норсульфазол $C_9H_9O_2N_3S_2$/жыты жок кристаллдуу ак порошок. $t_э=198-202^{\circ}C$, сууда, спиртте начар, ацетондо эрийт, эфирде эрибейт. П-ациламинбензолсульфохлорид менен 2-аминотиазолду конденсациялоодон норсульфазол алынат. Медицинада микробдорго каршы каражат болуп жана инфекциялык ооруларды дарылоого колдонулат: Түзүлүшү:



НУКЛЕИНОВЫЕ КИСЛОТЫ нуклеин кислоталары /оптикалык активдүү, полярданган нурду тегиздикте оң бурчка буруучу татаал полимерлер. Нуклеин кислотасы эркин түрүндө жана бирикмелери катарында, клетканын ядросунда жана цитоплазмада болот. Нуклеин кислоталарын толук гидролиздегенде фосфор кислотасы, кант, пиримидиндер жана пурин негиздери келип чыгат/.

НУКЛЕОЗИДЫ нуклеозиддер /табигый N, β - D гликозиддер/.




түссүз кристаллдан турган оптикалык активдүү, жогорку температурада эрүүчү заттар. Ысык сууда жакшы, муздак сууда начар, кислота же жегич эритмелеринде жакшы эрийт. Нуклеин кислоталарын химиялык жана ферментативдүү жол менен гидролиздөөдөн нуклеозиддер алынат.

НУКЛЕОПРОТЕИДЫ нуклеопротеиддер /табигый, жогорку молекулалуу, нуклеин кислоталарынын жана белоктун комплексинен турган зат/.

- О -

ОБЕПИН обепин $CH_3O-C_6H_4-CHO$ /түссүз суюктук, $t_э=2,5^0$, $t_к=248/760$ мм. Сууда эрибейт, көпчүлүк органикалык эриткичтерде эрийт. Анисдин эфир майларында, акацияда, укропто болот. Обепин анетолду же п-ксилолдун метил эфирин кычкылдандыруудан



алынат. Парфюмерия өндүрүшүндө ар кандай жыт композициясын түзүүдө жана синтетикалык жумуштарга колдонулат/.

ОЗАЗОНЫ озазондор /α-оксикарбонил бирикмелерине гидразиндин конденсацияланышынан келип чыккан продукт. Сары же кызгыл сары кристаллдардан турат. Эригенде составдык бөлүктөрүнө ажыроо менен эрийт. Сууда начар эрийт/.

ОЗОКЕРИТ озокерит /жер мому/; /негизинен катуу парафин углеводороддорунан турат. Парафин катары колдонулат. Акталган озокерит церезин деп аталат/.

ОЗОН озон /кислороддун аллотропикалык түр өзгөрүшүнөн келип чыккан зат. Озон кескин жыттуу, жарылгыч кычкылдандыргыч касиети күчтүү көк түстүү газ. Өтө кычкылдардын озонатордо ажыратуудан озон алынат. Иче турган сууларды тазалоого жана актагыч зат катарында колдонулат/.

ОКСАЗИЛ оксазил $C_{28}H_{42}O_2N_4Cl_4$ /түссүз кристаллдан турган зат. $t_э=188-192^0C$, сууда, спиртте жеңил эрийт, бензолдо, хлороформдо, ацетондо эрибейт. Козу кулак кислотасынын диэтил эфири менен N, N -диэтилэтилендиаминди конденсациялоодон оксазил алынат. Полиомиелит оорусун дарылоодо колдонулат/.

ОКСАЗИНОВЫЕ КРАСИТЕЛИ оксазиндүү боектор /феноксазиндин туундулары. Бул заттарды оксоний жана аммоний туздарынын орто жана пара-хиноид түзүлүшүндөгү изомерлери деп кароого болот/.

ОКСАЗИНЫ оксазиндер /4-көмүртек, бир кычкылтек жана бир азот атомдорун кармап бири-бири менен төрт жөнөкөй, эки кош байланыш аркылуу бириккен 6-мүчөлүү гетероциклдүү бирикмелердин туундулары/.

ОКСАЗОЛЫ <u>оксазолдор</u>




/5-мүчөлүү гетероциклдүү бирикмелер/. Ажырап кетпестен атмосфералык басымда тазалануучу суюктук. О. альдегиддерден жана 1,2-дикетондордун монооксиминен пайда болуучу N-кычкылдарын калыбына келтирүүдөн алынат.

ОКСАЛАТЫ <u>оксалаттар</u> /козу кулак кислотасынын туздары/.

ОКСАЛИЛХЛОРИД <u>оксалилхлориддер</u> $\mathrm{Cl - \underset{\underset{O}{\|}}{C} - \underset{\underset{O}{\|}}{C} - Cl}$

/түссүз,абада түтөөчү кескин жыттуу суюктук. $t_э$=-10°, $t_к$= = 64°/763 мм. Органикалык эриткичтерде эрийт. Оксалилхлорид козу кулак кислотасына $PCl_5$ менен таасир этүүдөн алынат/.

ОКСАМИД <u>оксамид</u> $H_2NCOCONH_2$ /моноклиндүү призма түрүндөгү кристаллдардан турган зат. $t_э$=419°C, сууда,спиртте да начар эрийт. Оксамид аксалат аммонийди ысытуудан,диэтилоксалатты аммонолиздөөдөн жана дицианды самындоодон алынат/.

ОКСАНТРОЛ И ОКСАНТРОН <u>оксантрол жана оксатрон</u> $C_{14}H_{10}O_2$ антрагидрохинондун таутомердүү түрү.

а/ Оксантролдун бензоиддүү түрү күрөң кристаллдан турат. $t_э$=180°C.Суудагы эритмеси жашыл флуоресценцияланат. Антрахинонду цинктин чаңы менен калыбына келтирет.



б/ Оксантрон түссүз кристаллдан турат. $t_э$=167°C.Суу эритмесинде флуоресценцияланат. Мезо-бромантронду суу менен гидролиздөөдөн алынат.

ОКСАФЕНАМИД <u>оксафенамид</u> $C_{13}H_{11}NO_3$ /ак же сыя түстүү майда кристаллдуу порошок. $t_э$=175-178°C, сууда эрибейт,спиртте, эфирде жакшы эрийт. Оксафенамид салицил кислотасынын фенил эфири менен п-аминофенолду 200°C эритип кошуудан алынат.Боор жана өт ооруларын дарылоодо колдонулат/.

ОКСИАЦЕТОН <u>оксиацетон</u> $CH_3COCH_2OH$ /түссүз, даамы өтө таттуу, суюктук. $t_э$=-17°, $t_к$=54°/18 мм. Суу,спирт жана эфир менен аралашат.Галогенацетондорго кумурска кислотасынын натрий тузу менен таасир кылуудан алынат/.

ОКСИАЦЕТОФЕНОНЫ <u>оксиацетофенондор</u> /фенол ядросунда OH группасын кармаган ацетофенондун туундулары.




Оксиацетофенондор суюктук же катуу продукт.Сууда начар,спиртте жакшы эрийт. О. жаратылышта кездешүүчү,жыгачтарга, гүлдөргө түс берүүчү заттар/.

О-ОКСИБЕНЗАЛЬДЕГИД <u>оксибензальдегид</u> /<u>к. салициловый альдегид</u>/.

М-ОКСИБЕНЗОЙНАЯ КИСЛОТА <u>м-оксибензой кислотасы</u> /ийне же жалбырак түрүндө кристаллдануучу зат. $t_э$=188°C. Хлордуу темир менен реакцияга кирбейт. Өндүрүштө м-сульфобензой кислотасын жегич менен эритип кошуудан алынат. Боек өндүрүшүндө мааниге ээ/.

П-ОКСИБЕНЗОЙНАЯ КИСЛОТА п-оксибензой кислотасы/калий фенолятынан алынат. $t_э$=213°С.Бактерияларды өлтүрүү касиетине ээ/.

ОКСИДИУКСУСНАЯ КИСЛОТА оксидиуксус кислотасы/к. дигликолевая кислота/.

ОКСИДИ ЭТАНОВАЯ КИСЛОТА оксиди этан кислотасы /к. дигликовая кислота/.

β-ОКСИМАСЛЯНАЯ КИСЛОТА β-оксимай кислотасы $CH_3CHOHCH_2COOH$ / β-оксимай кислотасынын сол бурчка бурулуучу формасы. Сийдикте ацетон жана ацетоуксус кислотасы менен бирге болот. Активдүү түрү 46-48° эрийт/.

М-ОКСИМЕТИЛФУРФУРОЛ м-оксиметилфурфурол




алты мүчөлүү канттарга кову кулак кислотасы менен таасир этүүдөн алынат. Түссүз ийне түрүндөгү кристаллдан турат. $t_э$=33°С. Өтө ным тарткыч, жыты жок, абада эрип кетүүчү зат. Суу менен бардык катнашта аралашат. $t_к$=120°/0,2 мм.

ОКСИНАФТОЙНЫЕ КИСЛОТЫ оксинафтой кислотасы $C_{11}H_8O_3$ / α-жана β- нафтолдорду Кольбе-Шмидт реакциясы менен карбоксилдөөдөн /с СООН-группасын киргизүүдөн/алынат/.

ОКСИНДОЛ оксиндол $C_8H_7NO$ /түссүз ийне түрүндөгү кристаллдан турган зат. $t_э$=126-127°С, сууда жана органикалык эриткичтерде эрийт. Изатинди калыбына келтирүүдөн оксиндол алынат/.



ОКСИПРОЛИН оксипролин $C_5H_9NO_3$ /төрт оптикалык активдүү стереоизомерлери белгилүү/.

β-ОКСИПРОПИОНОВАЯ КИСЛОТА β-оксипропион кислотасы $CH_2OHCH_2COOH$ /сироп сыяктуу зат. β-оксипропион кислотасын жасалма жол менен алууга болот/.

ОКСИТЕТРАЦИКЛИН окситетрациклин /суу эритмесинен эки кристаллогидраты менен кристаллданат. $t_э$=184,5-185,5°С,жөнөкөй спирттерде жана кетондордо орточо,сууда начар эрийт.Микроорганизмдер пайда кылуучу антибиотик. Медицинада кеңири колдонулат/.

3-ОКСИТИОНАФТЕН 3-окситионафтен $C_8H_6OS$ /түссүз ийне түрүндөгү кристаллдан турган зат. $t_э$=71°С. Жыты жагынан 1-нафтолго окшош. Көпчүлүк органикалык эриткичтерде жеңил эрийт.Фенилтиогликоль-о-карбонкислотасын жегич менен кошуп эритип,шакек - тендирүүдөн алынат. Техникада индигоид боекторун алууда колдонулат/.

5-ОКСИТРИПТОФАН окситриптофан $C_{11}H_{12}N_2O_3$ /табигый 4-5-окситриптофан түссүз кристаллдан турган аминокислота, $t_э$=273°С. Рацемикалык 5-окситриптофандын $t_э$=293-295°С, жаныбарлардын организминде пайда болот.Жасалма жол менен 5-бензилоксииндолдон алууга болот/.

ОКСИФЕНАЗИНЫ оксифеназиндер /к. эйродолы/.

П-ОКСИФЕНИЛЭТИЛАМИН п-оксифенилэтиламин /к. тирамин/.

8-ОКСИХИНАЛЬДИН 8-оксихинальдин $C_{10}H_9ON$ /түссүз кристаллдан турган, фенол жыттуу зат. $t_э$=74°, $t_к$=266-267°С .Спиртте, ацетондо, хлороформдо жана бензолдо эрибейт. 8-сульфохинальдинди жегич менен эритип кошуудан алынат/.

8-ОКСИХИНОЛИН 8-оксихинолин $C_9H_7ON$ /мала сары түстүү кристаллдан турган мүнөздүү жыты бар зат. $t_э$=75-76°, $t_к$=266,6/ /752 мм. Спиртте,ацетондо, хлороформдо эрибейт, муздак сууда жана эфирде аң кыйындык менен эрийт. 8-сульфохинолинге жегич менен таасир этүүдөн алынат/.

ОКСИЦИКЛОПЕНТАН оксициклопентан /к. циклопентанол/.

ОКСИЦИНХОНИН оксицинхонин /к. купреин/.

ОКТАДЕКАНОВАЯ КИСЛОТА октадекан кислотасы /к. стеариновая кислота/.

ОКТАН октан $CH_3/CH_2/_6CH_3$ /түссүз,заңраак жыты бар зат. $t_э$=-56,795°, $t_к$=125,665°С. Нефтиде, бензолдо болот/.

ОКТАНОВАЯ КИСЛОТА октан кислотасы /к. каприловая кислота/.

ОКТИЛОВЫЙ АЛЬДЕГИД октил альдегиди $CH_3/CH_2/_6CHO$ /суу менен аралашпай турган түссүз суюктук. $t_к$=172°/766 мм.Октил спиртин суутектенсиздирүүдөн же кычкылдандыруудан алынат. Парфюмерия өндүрүшүндө синтез иштеринде колдонулат/.

ОКТИЛОВЫЙ СПИРТ октил спирти $CH_3/CH_2/_6CH_2OH$ /жыпар жыттуу, түссүз суюктук. $t_э$=-16,3°, $t_к$=195,2/760 мм. Суу менен аралашпайт, хлороформдо, эфирде жана спиртте эрийт.Каприл альдегидин катализдин катышуусунда суутектендирүүдөн алынат. Өнөр жайларда этиленди полимеризациялоодо колдонулат/.

ОКТОГЕН октоген $C_4H_8N_8O_8$ /моноклиндүү түссүз кристаллдан турган зат. $t_э$=281-282°С, сууда, спиртте, бензолдо эрибейт. Динитропентаметилентетраминди $NH_4NO_3$ катышуусунда нитрлөөдөн октогенди алууга болот. Жарылгыч зат катарында колдонулат/.



ОКТОЗЫ октозалар $C_8H_{16}O_8$ /молекуласында 8 көмүртек атомдорун кармаган моносахариддер.Октозаларды жасалма жол менен моносахариддерден, алардын көмүртек чынжырын узартуудан алынат/.

ОКТЭСТРОЛ октэстрол $C_{20}H_{26}O_2$ /ак кристаллдуу порошок. $t_э$=160-162°, сууда, хлороформдо, бензинде, бензолдо,кыйындык менен спиртте,эфирде жакшы эрийт. Октэстрол анис альдегидинен алынат. Эң але физиологиялык активдүү зат, ошондуктан медицинада эстроген жетишпегендиктен келип чыккан оорулардын дарылоодо колдонулат/.

ОЛЕАНДОМИЦИН /МАТРОМИЦИН/ олеандомицин $C_{35}H_{61}NO_{12}$/макролид антибиотиктер группасына кирүүчү антибиотик. Олеандомицин негиз болуп эсептелет, ачуу даамдуу кристаллдан турат. $t_э$=120°С Көпчүлүк органикалык ериткичтерде жакшы эрийт, сууда эрибейт/.

ОЛЕИЛОВЫЙ СПИРТ олеил спирти $CH_3/CH_2/_7-CH=CH/CH_2/_8OH$ /түссүз суюктук, спиртте жана эфирде эрийт. $t_э$=5,5-7,5°, $t_к$= = 158°/2 мм. Олеин кислотасынын жөнөкөй эфирлерин калыбына келтирүүдөн олеил спирти алынат. Жогорку май кислоталарынын эфири түрүндө, спермацет майынын составына кирет/.

ОЛЕИНОВАЯ КИСЛОТА олеин кислотасы $CH_3/CH_2/_7CH=CH/CH_2/_7COOH$ кристаллы эки түрдүү модификациядан турган зат.

α- $t_э$=13,4°

β -$t_э$=16,3°

$t_к$=225-226°/10 мм.

Олеин кислотасы триглицерид түрүндө бардык өсүмдүктөрдө жана

жанибар майларында кездешет. Эмаль,сыр,олифа жана боек эзүүдө колдонулат/.

ОЛИГОСАХАРИДЫ <u>олигосахариддер</u> /2-10 чейинки моносахарид калдыктарынан түзүлгөн полимердүү углеводдор/.

ОЛИФЫ <u>олифтер</u> /өсүмдүк жана башка майлардан алынуучу пленка пайда кылуучу суюк зат/.

ОРГАНИЧЕСКАЯ ХИМИЯ <u>органикалык химия</u> /көмүртек, суутек жана кычкылтек органогендеринин негизинде түзүлгөн заттардын жана алардын касиетин,кубулушун түшүндүргөн илим/.

ОРГАНИЧЕСКИЕ ОСНОВАНИЯ <u>органикалык негиздер/к.</u> <u>алкиламины/</u>.

ОРНИТИН <u>орнитин</u> $H_2N/CH_2/_3CH-NH_2/COOH$ /ак кристаллдан турган аминокислота. $t_0$=140°C, сууда жана спиртте жеңил,эфирде кыйындык менен эрийт. Орнитиндин суудагы эритмеси щелочтуу реакцияны көрсөтөт. Организмде чоң касиетке ээ, айрыкча мочевинанын биосинтезинде/.

ОРСИН /ОРСЕИН/ орсин /көпчүлүк эңилчектердин составына кирүүчү резорциндин гомологу:



орсин хлордуу темир менен реакцияга киргенде көк,сия түстү,ал эми калий жегичи менен болсо кызыл түстү берет. $t_0$=107-108°C, Орсин орсейльдин жана лакмустун негизин түзөт.

ОРСЕЙЛЬ <u>орсейль</u> /ортоңку кылымдан бери белгилүү боек зат.Күрөң кызыл түстүү порошок/.



ОРСЕЛЛИНОВАЯ КИСЛОТА <u>орселлин кислотасы</u>



чоң маанилүү. β-резорцил кислотасынын жогорку гомологу болгон оксикарбон кислотасы. Эңилчектерде кездешет. $t_0$=176°.Хлордуу темир менен сия кызыл түстү берет. Эңилчек заттарын гидролиздөөдөн алынат.

ОСАРСОЛ <u>осарсол</u> $C_8H_{10}NO_5As$ /түссүз кристаллдан турган зат.Сууда жана органикалык эриткичтерде жаман эрийт.Бирти реакциясынын негизинде осарсол 4-аминофенолдон алынат. Осарсол сифилис, трихомонов калбиттерин дарылоодо, ошондой эле ветеринарияда колдонулат/.

ОЦИМЕН <u>оцимен</u> $C_{10}H_{16}$ /жыпшынакай жыттуу, түссүз суюктук, жеңил кычкылданат жана полимеризацияланат. $t_к$=176-178°C.Көпчүлүк эфир майларында кездешет.*Ocimum basilicum* эфир майынан фракциялап кайталап иштетүүдөн алынат/.

## - П -

ПАЛУДРИН <u>палудрин</u>



дигуанидиндин туундусу. Безгек оорусуна колдонулуучу дары.

ПАЛЬМИТИНОВАЯ КИСЛОТА пальмитин кислотасы $CH_3/CH_2/_2COOH$ /түссүз ийне түрүндөгү кристаллдан турган зат. $t_э=64^o$, $t_к$ = =339-356°C. Сууда эрибей, эфирде эрийт/.

ПАЛЬМИТИНОВЫЙ АЛЬДЕГИД /ГЕКСАДЕКАНАЛОКСИМ/ пальмитин альдегиди $CH_3/CH_2/_{14}CH=NOH$/ $t_э$=89,5°C, спиртте, эфирде эрийт,сууда эрибейт/.

ПАЛУСТРОВАЯ КИСЛОТА палюстра кислотасы $C_{20}H_{30}O_2$/ $t_э$ = =162-167°C. Түссүз кристаллдан турган жыты жок зат. Көпчүлүк органикалык эриткичтерде эрийт, сууда эрибейт. Жасалма жол менен палюстр кислотасы левопимар жана неабиетин кислоталарын жылуулуктун же кислотанын жардамы менен изомеризациялоодон алынат/.

ПАНГАМОВАЯ КИСЛОТА /ВИТАМИН $B_{15}$/ пангам кислотасы $C_{10}H_{19}O_8N$ /кристалл түрүндө күрүчтүн улпагынан жана кандан бөлүнүп алынган. Пангам кислотасы глюкон кислотасынын жана диметиламиноуксус кислотасынын монохлоруксус кислотасы менен болгон өз ара аракеттенүүсүнөн келип чыккан продуктаны диметиламиндин хлорацетат менен кайталап иштетүүдөн алынат.Медицинада колдонулат/.

ПАНТОТЕНОВАЯ КИСЛОТА пантотен кислотасы $CH_2OH-C/CH_3/_2-CHOH-CO-NH-/CH_2/_2-COOH$ /мала сары түстүү,илешкич, май сыяктуу продукт. Жаратылышта кеңири жайылган -форма гана түрүндө кездешүүчү, сууда эрибей турган витамин. Медицинада колдонулат/.

ПАПАВЕРИН папаверин $C_{20}H_{21}O_4N$ /апийимде болуучу, кристаллдан турган зат. $t_э$-147°C.Синтетикалык жол менен винилинден



же вератролдон алынат. Медицинада спазма оорусуна каршы колдонулуучу каражат/.

ПАРАБАНОВАЯ КИСЛОТА парабан кислотасы $C_3H_2O_3N_2$/кристаллдан турган зат. $t_э$=243-245°C.Жаныбарлардын сийдигинде болот. Парабан кислотасы сийдик кислотасын азот кислотасы менен кычкылдандыруудан жана мочевинанын оксалилхлорид менен ацилдөөдөн алынат/.

ПАРАКСАНТИН параксантин /сийдикте жана айбандардын көпчүлүк органдарынан табылган. $t_э$=299°C, муздак сууда кыйындык менен эрийт/.

ПАРАЛЬДЕГИД паральдегид $OCH/CH_3/OCH/CH_3/OCH/CH_3/$

$t_э$=10,5°; 12,6°C, $t_к$=124,4°.Паральдегид медицинада уктатуучу каражат катарында колдонулат/.

ПАРАТИОН /Е 605/. паратион /Е 605/ /хлортиофосфор кислотасынын диэтилэфири менен п-нитрофенолят натрийдин өз ара аракеттенүүсүнөн паратион алынат. Жылуу кандуу жаныбарлар үчүн уулуу/.

ПАРАФИН парафин /нефтиден, озокериттен алынуучу жогорку молекулалуу каныккан углеводороддордун аралашмасы, катуу зат/.

ПАРОФОРМАЛЬДЕГИД /ПАРАФОРМ/ пароформальдегид /к. формальдегид/.

ПАРАФУКСИН парафуксин /[illegible] сууда,же - кызыл ысык сууда эрүүчү трифенилметандуу боек. П-диаминдифенилметанды анилин же туз кислоталуу анилин менен хлордуу темирден катышуусунда иштетүүдөн парафуксин алынат.Жүндү, жибекти боёдо колдонулат/.

ПАСК /П-АМИНОСАЛИЦИЛОВАЯ КИСЛОТА/ паск $C_7H_7O_3N$ /түссүз майда кристаллдардан турган зат. $t_э$=146-147°С, сууда кыйындык менен, көпчүлүк органикалык эриткичтерде эрий турган зат. М-аминофенолду $KHCO_3$ катышуусунда, басым астында, карбоксилдөөдөн алынат. Учук оорусун дарылоодо колдонулат/.

ПЕКИ пектер /таш көмүрдө, кара майды /дегтины/ торфту, күйүүчү сланецтерди, сөңгөктөрдү жогорку температурада кайталап иштетүүдөн калган калдык/.

ПЕЛАРГОНОВАЯ КИСЛОТА пеларгон кислотасы $CH_3/CH_2/_7COOH$ / $t_э$=12,5°, $t_к$=253-254/760 мм. Өсүмдүктөрдө, айрыкча герандын майында, япон момдорунда кездешет. Химиялык жол менен олеин кислотасын кычкылдандыруудан алынат/.

ПЕЛЛОТИН пеллотин $C_{13}H_{19}NO_3$ /кристаллдан турган зат. $t_э$=111-112°С. Пеллотин кан тамырларды тырыштыруучу уу жана жүректүн кагышын, басымды ылдыйлатуучу зат. Мексиканын тоолорунда өсүүчү кактустарда болот/.

ПЕЛЬТЬЕРИН пельтьерин / анар жыгачынын кабыгында болуучу алкалоид. Бул затты уулуу болсо да, узун чүчөк курттарын дарылоого колдонулат/.

ПЕНИЦИЛЛИНЫ пенициллиндер /микробдордун жана кээ бир грибкелардын негизинде келип чыккан ооруну айыктыруучу антибиотик. Медицинада мааниси чоң дары зат/.

ПЕНТАДЕКАН пентадекан $CH_3/CH_2/_{13}CH_3$ / $t_э$=9,93, $t_к$=270,6°С. Сууда эрибеген, спиртте жеңил эрүүчү түссүз суюктук/.

ПЕНТАДЕКАНОВАЯ КИСЛОТА пентадекан кислотасы $CH_3/CH_2/_{13}COOH$ / $t_э$=52-54°, $t_к$=257/100 мм. Эфирде эрийт/.



ПЕНТАДЕЦИЛАМИН пентадециламин $CH_3/CH_2/_{14}NH_2$ / $t_э$=36,5°, $t_к$=307,3°С. Түссүз кристаллдардан турган, сууда эрибеген, спиртте, эфирде эрүүчү зат/.

ПЕНТАКОЗАНОВАЯ КИСЛОТА пентакозан кислотасы $C_{24}H_{49}COOH$ / $t_э$=83,5°С. Ысык ацетондо жана бензолдо эрий турган зат/.

ПЕНТАЛАН пентален $C_8H_{14}$ /мүнөздүү, жеңил жыты бар түссүз суюктук. Эфирде, спиртте эрийт, сууда эрибейт. Геометриялык эки түрдүү изомерден турат.

а/ Транс-пентален. $t_э$=-30°, $t_к$=132/755 мм. Кижнер реакциясынын негизинде транс-бицикл /0,3,3/ -октанон - 2 калыбына келтирүүдөн алынат.

б/ Цис-пентален, 80°-чейин муздатканда да, кристаллданбай турган зат. $t_к$=135°/765 мм. Цис-бицикл /0,3,3/-октанон-1 калыбына келтирүүдөн алынат. Цис-пентален кээ бир нефтиден табылган/

ПЕНТАМЕТИЛЕНДИАМИН пентаметилендиамин /к. кадаверин/.

ПЕНТАМЕТИЛЕН пентаметилен /к. циклопентан/.

ПЕНТАМЕТИЛЭТАН пентаметилэтан /к. триптан/.

ПЕНТАМИН пентамин $C_{13}H_{33}N_3Br_2$ / $t_э$=210-215°С. Ак же саргыл түстүү бир аз жыты бар кристаллдуу порошок. Гипертония ооруларын дарылоодо колдонулат/.

ПЕНТАН пентан $CH_3/CH_2/_3CH_3$ / $t_э$=129,721°, $t_к$=36,074°С Пентан түссүз, кыймылдуу, зайраак жыттуу, күйүп кете турган суюктук. Нефтиде, бензинде, табигый заттардын составында болот/.

1 - ПЕНТАНТИОЛ 1-пентантиол /к. амилмеркаптан/.

ПЕНТАФЕНИЛФОСФОР пентафенилфосфор $/C_6H_5/_5P$ / $t_э$=124°С. Призма түрүндөгү түссүз кристаллдан турган зат. Сууда эрибейт, ысык циклогександа гана эрийт. Пентафенилфосфор тетрафенилфос-

фонийиодиди менен фениллитийдин өз ара аракеттенүүсүнөн алы-нат/.

ПЕНТАЭРИТРИТ пентаэритрит /$CH_2OH/_4C$ / $t_э=263,5^oC$. түссүз кристаллдан турган зат. Ацетальдегидге же акролеинге кальций негизинен катышуусунда формальдегид менен таасир этүүдөн алынат. Жогорку молекулалуу биригишмелерди алууда колдонулат/.

ПЕНТИЛАМИН пентиламин /к. амиламин/.

ПЕНТИЛНИТРИТ пентилнитрит /к. амилнитрат/.

ПЕНТОЗЫ пентозалар /молекуласында 5 атом көмүртекти кармаган моносахариддер. Карбонил группасынын мүнөзүнө жараша альдопентоза жана кетопентоза болуп бөлүнөт.

ПЕНТОКСИЛ пентоксил $C_6H_8O_3N_2$ /$t_э=303-304^o$. Ак кристаллдуу порошок, сууда жаман эрийт. Спиртте жана эфирде эрибейт/

ПЕПСИН пепсин /протеиназа группасына кирүүчү аш казан мацызындагы протеолитикалык фермент. Пепсин, автолиз жолу менен аш казандын былжыр кабыгынан алынат/.

ПЕПТИДЫ пептиддер ; бир же бир нече аминокислоталардын калдыктары, амид байланышы аркылуу кошулуп түзүлгөн бирикме; м.:




ПЕРВИТИН первитин $C_6H_5CH_2CH/CH_3/NHCH_3HCl$ /$t_э=170-172^oC$, Даамы ачуу, ак кристаллдан турган порошок. Сууда жана спиртте эрийт, эфирде эрибейт. Акыл жана күч иштеринде, жумушка жөндөмдүүлүгү жогорулатуу үчүн колдонулат/.



ПЕРСЕДОН перседон /к. тетридин/.

ПЕРСЕИТ персеит /персид лавр жыгачынын мөмөсүндө жана жалбырагында кездешүүчү гептит. Жасалма жол менен циангидрин маннозадан персеитти алуу-маннозо жана манногептоза аркылуу маннозадан персеитти алууга болот. $t_э=188^oC$/.

ПЕРФТОРАЦЕТОН перфторацетон $CF_3-CO-CF_3$ / $t_к=-28^o$, $t_э=-129^oC$, кескин жыттуу, түссүз газ. Ар түрдүү органикалык бирикмелерди синтездеп алууда колдонулат/.

ПЕРФТОРБЕНЗОЛ перфторбензол $C_6F_6$ / $t_э=5,29^o$, $t_к=80-81^oC$, сууда эрибеген, көпчүлүк органикалык эриткичтерде эриген, түссүз суюктук. Пентафторбензолдон алынат/.

ПЕРФТОРВИНИЛХЛОРИД перфторвинилхлорид /к. трифторхлорэтилен/.

ПЕРХЛОРАТЫ перхлораттар /хлор кислотасынын $HClO_4$ туздары. Хлор кислотасы сыяктуу перхлораттар да түссүз заттар. Сууда жана органикалык эриткичтерде жакшы эрийт. Пиротехникалык составдарга жана жаргыч заттарды жасоодо колдонулат/.

ПЕРХЛОРБУТАДИЕН перхлорбутадиен $CCl_2=CCl-CCl=CCl_2$ / $t_э=-18,6^o$, $t_к=210-212^o/760$ мм, скипидар жыттуу, түссүз суюктук. Спиртте, диоксанда эрийт, сууда эрибейт. Н-бутанды, бутиленди жана дивинилди хлорлоодон перхлорбутадиен алынат. Жүзүм филоксералардын /курттарын/ жоготууда колдонулат/.

ПЕРХЛОРЦИКЛОПЕНТАДИЕН перхлорциклопентадиен $C_5Cl_6$ / $t_э=12^o$, $t_к=236-236/760$ мм. Жагымсыз жыттуу, сары түстөгү, тунук суюктук. Спиртте эрийт, сууда эрибейт. Түз чынжыр чынжырлуу, беш атом көмүртек кармаган углеводороддорду терең хлорлоодон перхлорциклопентадиен алынат/.

ПЕТРОЛЕЙНЫЙ ЭФИР <u>петролей эфири</u> /жеңил углеводороддордун /көбүнчө каныккан 5 же 6 атомдуу көмүртектердин/ аралашмасы. Нефть газдарынан алынат. Петролей эфири түссүз суюктук. Кээ бир химиялык реактивдерди өндүрүүдө сырье болуп эсептелет. Лабораторияда эриткич болуп колдонулат/.

ПИКРАМИД <u>пикрамид</u> $C_6H_4N_4O_5$ /$t_э$=190-191°C, күрөң сары түстөгү пластинка түрүндөгү кристаллдын турган зат. Спиртте жана эфирде жаман эфирде жаман эрийт. Ысык бензолдо, ацетондо, уксус кислотасында жеңил эрийт. Метилэфирдүү пикрин кислотасынын пикрилхлоридин аммонолизден пикрамид алынат. Органикалык синтезде ароматикалык полициклдүү бирикмелердин комплекстерин алууда колдонулат/.

ПИКРИЛХЛОРИД <u>пикрилхлорид</u> /ийне түрүндөгү түссүз кристаллдан турат. $t_э$=85°C. Пикрин кислотасы менен беш хлордуу фосфордун өз ара болгон реакциясынан пикрилхлорид алынат. Боек өндүрүшүндө колдонулат/.

ПИКРИНОВАЯ КИСЛОТА <u>пикрин кислотасы</u> /к. <u>тринитрофенол</u>/.

ПИКРОЛОНОВАЯ КИСЛОТА <u>пикролон кислотасы</u> $C_{10}H_8O_5N_4$/сары түстүү ийне түрүндөгү кристаллдан турган зат. $t_э$=116,5°C, $t_к$=125°C. 1-фенил-3-метил-пиразолон-5 нитрлөөдөн алынат/.

ПИЛОКАРПИН <u>пилокарпин</u> $C_{11}H_{16}O_2N_2$ / $t_э$=34°, $t_к$=260/5 мм Сууда, спиртте жеңил эрийт, кыйындык менен кристаллданат. Физиологиялык активдүү алкалоид. Атропиндин антогонисти. Көзгө тамызганда карек кичирейтет, ошондуктан көздү дарылоодо колдонулат/.

ПИМЕЛИНОВАЯ КИСЛОТА <u>пимелин кислотасы</u> $HOOC/CH_2/_5COOH$ /кристаллдан турган зат. $t_э$=105,5°, $t_к$=272/100 мм. Кастор майын



кычкылдандыруудан алынат. Чөп жечү жаныбарлардын сийдигинде болот/.

ПИНАКОЛИН <u>пинаколин</u> $C_6H_{12}O$ /жалбыз жыттуу түссүз суюктук. $t_э$=-49,8°, $t_к$=106,3°C, эфирде, ацетондо, спиртте эрийт. Пинаколин спиртин кычкылдандыруудан пинаколин пайда болот. Органикалык синтезде колдонулат/.

ПИНАКОНЫ <u>пинакондор</u> /эки атомдуу спирттер /вицинальный/

$$\begin{array}{l} /CH_3/_2\,CO \\ \\ /CH_3/_2\,CO \end{array} + H_2 \longrightarrow \begin{array}{l} /CH_3/_2C\text{-}OH \\ \quad | \\ /CH_3/_2C\text{-}OH \end{array}$$

пинакон

Бардык пинакондор хлороформдо, спиртте жакшы, муздак сууда жаман эрийт. Кетондорду электрохимиялык жол менен калыбына келтирүүдөн пинакондор алынат/.

ПИНАН <u>пинан</u> $C_{10}H_{18}$ /түссүз суюктук, эки түрдө болот:

а/ цис-пинан $t_к$=164,8-165,8/716 мм,

б/ транс-пинан $t_к$=162-164/720 мм. Жаратылышта табылган эмес. Пинендерди суутектендирүүдөн алынат/.

ПИНЕНЫ <u>пинендер</u> $C_{10}H_{16}$ /үч изомери белгилүү жагымдуу карагай жыттуу түссүз суюктук. Органикалык эриткичтерде, айрыкча уюлсуз эриткичтерде жакшы эрийт/.

ПИОЦИАНИН <u>пиоцианин</u> $C_{13}H_{10}ON_2$ /хлороформ менен петролей эфиринин аралашмасынан ийне түрүндөгү кристаллдан турган көк түстүү зат. $t_э$=133°C. Ацетондо эрийт. Антибиотикалык касиетке ээ, кээ бир микроорганизмдердин өсүшүн буат/.

ПИПЕРАЗИН пиперавин $C_4H_{10}N_2$ / $t_э=104^0$, $t_к=145-146^0C$. Түссүз кристаллдан турган зат. Спиртте жакшы, сууда ванраак, эфирде эрийт. Пиравинди суутектендирүүдөн алынат. Аскаридоз жана энтеробиов /ичеги карын курттарын/ ооруларын дарылоочу каражат катарында колдонулат/.

ПИПЕРИДИН пиперидин $C_5H_{11}N$ /кескин жыттуу, түссүз суюктук. $t_э=-9^0$, $t_к=106,3/760$ мм. Пиперидин көпчүлүк органикалык эриткичтер жана суу менен жеңил гана аралаша турган зат/.

ПИПЕРИЛЕН пиперилен $C_5H_8$ /сууда эрибеген, ацетондо, бензолдо, эфирде жана спиртте жакшы эрий турган түссүз суюктук. Цис жана транс формасы белгилүү:

а/ $CH_2=CH - CH$ $t_э=-140,82^0C$.
$CH_3 - CH$ $t_к=44,07^0C$

цис-пиперилен

б/ $CH - CH=CH_2$ $t_э=-87,47^0C$.
$CH_3CH$ $t_к=42,03^0C$.

транс-пиперилен

Крекинг-нефти продуктыларында болот. Пиперилецди жеңил алуу жолу болуп пиперидинди терең метилдөө, андан кийин метилденген продуктаны Гофман реакциясы боюнча ажыратуу болуп эсептелет/.

$t_э$=199-202°С. Кийиндик менен сууда жана спиртте эрий турган саргыч жашыл түстүү, майда кристаллдуу порошок. Салозидди изоникотин кислотасынын гидразиди менен опиан кислотасы /70-80°С/ конденсациялоодон алат. Салозид учукка каршы күрөшүү-

дегү препарат.

САПОНИНЫ сапининдер /өсүмдүктөрдө кеңири жайылган гликозиддердин группасы. Сапониндердин мүнөздүү касиети жеңил көбүктөнө турган коллоид эритмесин бөлүүгө жөндөмдүүлүгү.Эркин түрүндөгү сапониндер ак же сары түстүү порошок зат. Муздак спиртте начар, ысык спиртте жана метанолдо түзүгүрөөк эрийт.Сапониндер самын алуу өндүрүшүндө колдонулат/.

САРКОЗИН саркозин $CH_3NHCH_2CO_2H$ /$t_э$=212-213°С. Кристаллдан турат. Сууда жакшы, спиртте эрибейт. Саркозин жер жаңгагынын белогунун составына кирет. Кээ бир антибиотиктердин гидролизатынан да табылган.Синтетикалык жол менен да алууга болот:

$$CH_3NH_2 \cdot HCl + HCHO + KCN \longrightarrow CH_3NHCH_2CN \longrightarrow$$
$$\longrightarrow CH_3NHCH_2CO_2H\ /.$$

САФРАНИН сафранин $C_{20}H_{19}N_4Cl$ /азин боектору саргыч кызыл түстүү, ийне түрүндөгү кристаллдардан турат. Сафранин о-толуидин жана п-толуилендиаминдин суудагы эки молекулалуу аралашмасын бихроматкалий же марганецтин кош кычкылы менен кычкылдандыруудан алынат.Кагаз жана булгаарыны боёодо колдонулат/.

САФРОЛ /3,4-МЕТИЛЕНДИОКСИАЛЛИЛБЕНЗОЛ,4-АЛЛИЛПИРОКАТЕХИНМЕТИЛЕНОВЫХ ЭФИР/ сафрол $C_{10}H_{10}O_2$ / $t_э$=11°, $t_к$=235,9°/760 мм, жыпар жыттуу, түссүз суюктук.Сууда эрибей,спиртте, хлороформдо,ацетондо, эфирде эрийт.Сафрол сассафрас жана камфор майларында болот. Лабораториялык шартта п-аллилпирокатехин менен йоддуу метилендин реакциясынан сафрол алынат. Сафрол негизинен гелиотропинди алууда колдонулат/.



САХАРА канттар /молекулалык салмагы анча чоң болбогон углеводдордун группасы. М.: глюкоза, сахароза,лактоза.Канттардын мүнөздүү касиети сууда жакшы эрип, кристаллдана турган жөндөмдүүлүгү/.

САХАРИН сахарин 

$t_э$=220°С, орто-сульфобензой кислотасынын имиди. Даамы таттуу кыйындык менен сууда эрий турган түссүз кристалл. Толуолду хлорсульфон кислотасы менен таасирлөөдөн хлорангидрид пайда болот, хлорангидридинамидге айлантып,амидди перманганат калий менен кычкылдантып сахарин алынат.Диабет менен ооруган адамдар канттын ордуна сахаринди жешет.

САХАРОЗА /СВЕКЛОВИЧНЫЙ САХАР,ТРОСТНИКОВЫЙ САХАР/ сахароза $C_{12}H_{22}O_{11}$ /углеводдор группасына кирүүчү дисахарид, Д-глюкозанын жана Д-фруктозанын калдыгынан түзүлгөн кант. /Кадимки адамдар иче турган/. Сахароза өсүмдүктөрдө кеңири таралган дисахарид. Сахароза көп кырдуу, тартаал түзүлүштөгү ак кристаллдан турат. Өнөр жай масштабында сахарозаны кант кызылчасынан жана кант камышынан өндүрүп алынат/.

СВИНЕЦОРГАНИЧЕСКИЙ СОЕДИНЕНИЯ коргошундун органикалык бирикмелери /коргошундун атому көмүртектин атому менен байланышкан бирикме. Төмөнкүдөй типтери белгилүү:

$R_4Pb$ ; $R_3PbX$; $R_3Pb\text{-}PbR_3$; $R_2PbX_2$ ; $R_2PbO$, $RPbX_3$ ,



Калайдын, сурьманын жана мышьяктын органикалык бирикмелерине

салыштырганда, коргошундун органикалык бирикмелери нурдун, температуранын, кычкылданткычтардын жана кислотанын таасирине туруксуз/.

СЕБАЦИНОВАЯ КИСЛОТА себацин кислотасы $HOOC/CH_2/_8COOH$ $t_э$=134,5°, $t_к$= 294,5°. Кастор майын жегич менен аныктап, кургак таазалоодон себацин кислотасы алынат. Спиртте жана эфирде жакшы эрий турган түссүз кристалл. Себацин кислотасы жогорку молекулалуу бирикмелерди жана пластификаторлорду алууда колдонулат/.

СЕВИН / 1-НАФТИЛ-11-МЕТИЛКАРБАМАТ/ севин




$t_э$=142°,175°-жалындайт. Ультрафиолет нурларына туруктуу, ыштсыз ак кристалл. Сууда эрибегенге барабар, көпчүлүк органикалык эриткичтерде араң гана эрийт. Бир гана ацетондо эрийт. Севин нафтолдон же нефтолияттардан төмөнкү жол менен алынат:

$$C_{10}H_7ONa + COCl_2 \longrightarrow C_{10}H_7OCOClCH_3NH_2$$

Севин инсектицид/.

СЕГНЕТОВА СОЛЬ сегнет тузу $KOOC-/CHOH/_2-COONa\ .4H_2O$ /түссүз кристаллдан турган, вино кислотасынын калийдүү жана натрийдүү тузу. Фелинги реактивинин составдык бөлүгү болуп, канттарды анализдөөдө колдонулат/.

СЕДАНОЛИД седанолид






$t_к$= 185/17 мм. Седанолид сельдер майынын жыттуу заты. Седанолид седанол кислотасынын лактону болуп эсептелет.

СЕДОГЕПТОЗА седогептоза /к. седогептулоза/.

СЕДОГЕПТУЛОЗА седогептулоза $C_7H_{14}O_7$ /кетогептоз группасына кирүүчү моносахарид. Седогептулоза оптикалык активдүү Д- жана L - жана алардын рацематы Д,L- формуларынан турат. Өсүмдүктөрдүн фотосинтезиндеги чоң маанилүү продукт/.

СЕЛЕНОФЕН селенофен




/тиофендин селендүү изологу. Селенофен ацетиленди жана селенди 400° кайнатуудан пайда болот. Тиофенге окшош, туруктуу, реакцияларга активдүү катышууга жөндөмдүүлүгү жок. $t_к$=110°, $t_э$=-38°, селенофен кыймылдуу, түссүз суюктук/.

СЕМИКАРБАЗИД /АМИНОМОЧЕВИНА/ семикарбазид

$$H_2N-NH-\underset{\overset{\|}{O}}{C}-NH_2$$

/сууда жана спиртте эрий турган, түссүз кристаллдан турат. $t_э$= =96°C. Гидразин менен цианат калийди конденсациялап семикарбазид алынат. Альдегид жана кетондорду бөлүп алууда жана аларды идентификациялоодо колдонулат/.

СЕМИКАРБАЗОНЫ семикарбазондор /альдегиддердин жана кетондордун туундулары/ Семикарбазондор жакшы кристаллдануучу, кыйындык менен эрүүчү заттар. Альдегиддерди жана кетондорду аныктоодо колдонулат/.

СЕПТАНОЗЫ септанозалар /жегичтендүү циклден турган моносахариддердин туруксуз формасы/.

СЕРГОЗИН /АБРОДАН,МОНОЙОДМЕТАНСУЛЬФОНАТ НАТРИЯ/сергозин $ICH_2SO_3Na$ /ак кристаллдуу порошоктон турган, жытсыз зат.Сууда жеңил,спиртте аз гана эрий турган, бензолдо, ацетондо эрибейт. Сергозинди йоддуу метилен менен сульфит натрийдин эритмесин,карбонат натрийдин катышуусунда,ысытуудан алат. Бөйрөк оорусун жана табарсыкты рентгенге көргөндө контрастоо каражаты болуп колдонулат/.

СЕРЕБРООРГАНИЧЕСКИЕ СОЕДИНЕНИЯ күмүштүн органикалык бирикмеси /кадимки шартта да туруксуз, аз изилденген зат/.

СЕРИН/$\alpha$-АМИНО-$\beta$-ОКСИПРОПИОНОВАЯ КИСЛОТА/ серин $HOCH_2CH/NH_2/CO_2H$ /кристаллдары сууда эрип, 75%-түү спиртте жаман, эфирде, абсолюттук спиртте эрибейт.Серин үч түрдө болот:

1/ L - серин 

$t_э$=228°.

2/ Д-серин. $t_э$=228°.

3/ Д, L -серин, $t_э$=246°С.

Серинди акрил кислотасынын негизинде синтездеп алууга болот, Адегенде оксигалогенден,анан аминден /.

СЕРИНФОСФАТИДЫ серинфосфатиддер /сериндин жана диглицеридфосфор кислотасынын татаал эфирлери.Серинфосфатиддер өсүмдүктөрдүн жана айбандардын ткандарында, айрыкча мээнин тканында болот/.

СЕРНИСТЫЕ АНАЛОГИ АЦЕТАЛЕЙ И КЕТАЛЕЙ ацеталдардын жана кетальдардын күкүрттүү аналогдору /к. меркаптали/.

СЕРНИСТЫЕ КРАСИТЕЛИ күкүрттүү боектор /эр түрдүү органикалык бирикмелерди күкүрт же полисульфид натрий менен ысытуудан алынган боектордун классы. Күкүрттүү боектор сууда эрибейт. Ошондуктан бул боектор сууда жана жуунганда оңбойт/.



СЕРНЫЙ ЭФИР серный эфир /диэтил эфири, этил эфирине күкүрт кислотасы менен таасир этүүдөн алынат/.

СЕРООКИСЬ УГЛЕРОДА /ОКСИСУЛЬФИД УГЛЕРОДА/ көмүртектин күкүрт кычкылы / $t_э$=-138,2°, $t_к$=-50,20°С. COS -түссүз жана жытсыз, жеңил жалындоочу, уулу газ. Тиокарбаматаммонийге кислота менен таасир этип COS алынат/.

СЕРОТОНИН /5-ОКСИТРИПТАМИН/ серотонин $C_{10}H_{12}N_2O$ же



$t_э$=207-212°С.Серотонин бош түрүндө туруксуз.Сууда эрийт,органикалык эриткичтерде эрибейт. Буканын канынын сары суусунан бөлүнүп алынган. Медицинада колдонулат.

СЕРОУГЛЕРОД сероуглерод $CS_2$ /күкүрттүн көмүртек менен болгон химиялык бирикмеси.Жагымдуу жыты бар, түссүз суюктук. Уулу ,жеңил гана жалбырттап кете турган зат. Сероуглерод өнөр жайларда жыгач көмүрүнүн күкүрттүн буусу менен 750-1000° са ера таасирленишинен алынат. Сероуглерод каучукту вулканизациялоодо колдонулат/.

СЕСКВИТЕРПЕНЫ сесквитерпендер /буларга кебүнчө составы $C_{15}H_{24}$ турган углеводороддор жана алардын кычкылтек кармаган туундулары кирет/.

СЕФАДЕКС сефадекс /декстран полисахаридинин туундусу.

Ак порошоктон турган зат, туздуу сууларда көөп, гель пайда кылат/.

СИЛИКОНЫ силикондор /$R_2SiO$-группа/ кычкылтек кармаган жогорку молекулалуу кремнийорганикалык бирикме. Силикондордун практикалык мааниси чоң/.

СИЛОКСАНЫ силоксандар



Кремний менен кычкылтектин атому кезектешип алмашкан бирикме.

СИЛЬВАН/2-МЕТИЛФУРАН/ сильван $C_5H_6O$ же



$t_к$=63-63,5°С, эфир жыттуу, жеңил кыймылдуу суюктук. Сууда араң эриген, спирт жана эфир менен аралашуучу зат. Сильван фурфуролду суутектендирүүдөн алынат. Жыгачты кургак буулантып метанолду алганда башкы фракциясында сильван болот.

СИЛЬВЕСТРЕН /1-МЕТИЛ-5-ИЗОПРОПЕНИЛЦИКЛОГЕКСЕН/ сильвестрен



апельсин жыттуу, уума, абада жеңил гана кычкылдана турган түссүз суюктук. Сууда эрибейт, бардык уилденбаган органикалык эрит



мелерде жакшы эрийт.

СИНИЛЬНАЯ КИСЛОТА синиль кислотасы HCN /ачуу миндаль жыттуу, түссүз суюктук. $t_э$=-13,1°, $t_к$=25,7°С. Өнөр жай масштабында синиль кислотасы аммиак жана метандын аралашмасын платина-родий куймасынын үстүндө аба менен кычкылдантуудан алынат. Айыл чарба зыянкечтери менен күрөшүүдө колдонулат/.

СИНТЕЗЫ синтездөө жолдору

1/ Биологиялык май кислоталарын синтездөө. Коэнзим А менен байланышкан активдүү уксус кислотасы /Кляйзен конденсацияланусундай/ дагы бир активдүү уксус кислотасы менен биригип ацетацетил -коэнзим А пайда кылат.

$$2CH_3CO \cdot SKo\bar{A} \longrightarrow CH_3COCH_2CO \cdot SKo\bar{A} + HSKo\bar{A}$$

Мындан активдүү май кислотасын же болбосо бутирил-коэнзим А синтездеп алууга болот.

$$/CH_3CH_2CH_2CO \cdot SKo\bar{A}/_4$$

II/ БЕРЕНДА И РООЗЕНА сийдик кислотасын Беренда жана Роозен жолу менен синтездөө изодиалур кислотасы мочевина менен конденсацияланат:



III/ БЕРТЛО/БЕНЗОЛА бертло, кызыл болуп ысытылган айнек трубкасы аркылуу ацетиленди өткөзүүдөн бензол пайда болот:



1Y/ БУХЕРЕРА/СИНТЕЗ β-НАФТИЛАМИНА/ бухерер /β-нафтиламинди синтездеп алуу/. Автоклавда β-нафтол менен сульфит аммонийдин эритмесин 100-150°-температурада ысытуудан алынат.

Y/ ВЮРЦА Вюрца жолу менен галоиддүү алкилдерге натрий менен таасир кылуудан, эки алкил калдыктары биригип парафиндерди синтездеп алууга болот:

$$\begin{matrix} C_nH_{2n-1}J \\ C_nH_{2n-1}J \end{matrix} + 2Na \longrightarrow \begin{matrix} C_nH_{2n+1} \\ C_nH_{2n+1} \end{matrix} + 2NaJ;$$

Y1/ ГАТТЕРМАНА-КОХА Гаттерман-Кох жолу фенолдордон жана анын эфирлеринен жыпар жыттуу альдегиддерди алуу.Бул синтез фенолдорго синил кислотасы жана хлордуу суутек менен таасирлөөгө негизделген:



YП/ ГРИНЬЯРА Гриньяр жолу, магнийлүү алкил туундарын алуу: $C_nH_{2n+1}MgCl$, 1900-ж. ачылган. Бул реакциянын препаративдүү органикалык химияда бөтөнчө мааниси чоң. Бул синтез майдаланган магний менен галоиддүү алкилдин аралашмасына бир аз -раак эфирди кошуудан деле тез жүрөт:

$$C_nH_{2n+1}J + Mg \longrightarrow C_nH_{2n-1}MgJ$$

каа бир галоиддүү бирикмелердин реакциясын тездетиш үчүн йоддун кристаллын жана магнийди эфир менен суулантып кошулат.Ал -



кылмагний туундары карбон кислоталарын, меркаптандарды синтездөөдө колдонулуучу баалуу реагент.

YШ/ ДЕБНЕРА-МИЛЛЕРА Дебнер-Миллер синтези. Хинолиндин гомологдорун алуу. Жыпар жыттуу аминдерди коюлган туз кислотасынын катышуусунда 2-молекула альдегид менен кайнатууга негизделген.

1Х/ КНЕВЕНАГЕЛЯ Кневенагел синтези, жогорку жана каныкпаган альдегиддерди Кневенагеля жолу менен синтездөө. Ацетат натрийдин хлордуу цинктин же болбосо суюлтулган жегичтердин таасири астында эки молекула альдегидден суу бөлүп алууга негизделген. М.:

$$CH_3CHO + CH_3CHO \longrightarrow CH_3CHOHCH_2CHO$$

$$CH_3CHOHCH_2CHO \longrightarrow CH_3CH{=}CHCHO + H_2O$$

Х/ КОНРАДА-ЛИМПАХУ Конрад-Лимпеху синтези. Жыпар жыттуу биринчилик аминдерди β-кетокислоталардын эфирлери менен конденсациялап хинолиндин гомологдорун алат.

Х1/ КУРЦИУСА/АМИНОКИСЛОТ/ Курциус синтези/аминокислоталарды алуу/.Малон жана циануксус эфирлеринин каптал жагына R -кошуп, андан кийин карбоэтокси группасын азид кислоталарын ажыратуудан биринчилик аминогруппага орун алмаштырууга негизделген.

ХП/ПЕРКИНЕ Перкине синтези менен каныкпаган кислоталар алынат. Кислота ангидриддеринин таасири астында карбон кислоталарынын натрийдүү туундары альдегиддер менен конденсацияланат, м.: $CH_3CHO + /CH_3CO/_2O \xrightarrow{CH_3COONa} CH_3CH{=}CHCOOH$

ХШ/ СКРАУПА Скраупа синтези менен хинолиндүү бирикмелер алынат. Алар жыттуу аминди глицерин жана күкүрт кислотасынын катышуусунда ароматикалык нитробирикмелер менен кайнатып хинолиндер алынат. Катализаторлор болуп /$Al_2O_3$,Т $O_2$/ катышат.

Х1У/ ФИШЕРА а/ГЛЮКОЗИДОВ Фишер синтези глюкозиддерге таандык канттардын биринчилик гидроксил группаларынын метилдөөдөн өзгөрүшү же альдегиддер жана кетондор менен байланышып циклдүү ацетальга өтүшү. М.:

$$CH_2OH\text{-}CH\text{-}CHOH\text{-}CHOH\text{-}CHOH\text{-}CH/OH/ + CH_3OH + HCl \longrightarrow$$

$$\longrightarrow CH_2OH\text{-}CH\text{-}CHOH\text{-}CHOH\text{-}CHOH\text{-}CHOCH_3$$

б/ ЛЕЙЦИНА Фишердин биринчи жолу малон эфири менен α-галоиддүү кислоталардан лейцинди синтездеп алышы тарыхый окуя болгон. Э.Фишер өзүнүн изилдөөсүндө полипептиддерди алууда аминокислоталардын ордуна α-галоидкарбонкислоталарын колдонгон. М.:

$$Br\overset{R}{CH}\text{-}COCl + H_2NCH_2COONa \xrightarrow{-NaCl} Br\overset{R}{CH}\text{-}CONHCH_2COOH$$

$$\xrightarrow{2NH_3} H_2N\overset{R}{CH}CONHCH_2COOH + NH_4Br\ ;$$

ХУ/ ФРИДЛЕНДЕРА Фридлендер жолу менен хинолин бирикмелерин синтездөө. Бул синтезде о-аминобензальдегид менен альдегиддерди же кетондорду конденсациялайт:




11



ХУ1/ ШТРЕКЕРА Штрекер синтези. Альдегиддердин синил кислотасы жана аммиак менен болгон реакциясынан α-аминкарбон кислоталарынын нитрили пайда болот. Аминдүү нитрилдерди гидролиздөөдөн аминокислоталар чыгат.

СИНТЕТИЧЕСКИЙ УРОКСИН жасалма уроксин /к. аллоксантин/.

СИНТЕТИЧЕСКОЕ ЖИДКОЕ ТОПЛИВО синтетикалык суюк отун/углеводороддордун аралашмасынан турган ар түрдүү техникалык кыймылдаткычтарда отун катары колдонулуучу суюктук. М.: самолетордо/.

СИРЕНЕВАЯ КИСЛОТА сирен кислотасы




$t_э$=203°C. Сирен кислотасы көпчүлүк табигый бирикмелерди ажыратуудан алынат. М.: сирингинди, энин, мальвинди ж.б. Сирен кислотасынын гликозиди акациянын тамырынан бөлүнүп алынган/.

СКАТОЛ / 3-МЕТИЛИНДОЛ/ скатол $C_9H_9N$ / $t_э$=95°C. Түссүз кристаллдан турат. Спиртте, хлороформдо, эфирде, бензолдо эрийт. Синтетикалык жол менен скатол 1,4-дибромбутандан жана трифенилфосфинди алынат/.

СКВАЛЕН сквален $C_{30}H_{50}$/каныкпаган суутектүү көмүртек. Кээ бир балыктардын боор майынын составдык бөлүгү болот жана дагы ачыткыларда да кездешет/.

СКИПИДАР скипидар /негизинен терпендүү углеводороддордон турган татаал аралашма. Тунук, түссүз учуп кете турган карагай

жыттуу суюктук, уюлданбаган органикалык эриткичтерде,спиртте, ацетондо жакшы эрийт. Сырларды, боекторду эритүүгө жана кам фораны алуучу сырье болуп колдонулат. Медицинада да мааниси бар/.

СКЛЕРОПРОТЕИНЫ склеропротеиндер /жаныбарлардын ткандарында кеңири жайылган таяныч функциясын аткаруучу фибрилярдык белоктордун чоң группасы/.

СКОПОЛАМИН /ГИОСЦИН/скополамин $C_{17}H_{21}O_4N$ / $t_э=59^oC$. Красавка, белена, дурман өсүмдүктөрүндө болуучу алкалоид/.

СКУТЕЛЛАРЕИН /5,6,7,4'-тетраоксифлавон/ скутеллареин /пирондун туундулары. Боек өндүрүшүндө мааниси бар/.

СЛИЗЕВАЯ КИСЛОТА слиз кислотасы /галактозанын альдегид жана биринчи спирт группасын кычкылдантуудан пайда болгон алты көмүртектүү кант кислоталары/.

СМОЛА АБИЕТИНОВАЯ абиетиндүү смола /кара түстүү, морт, сынма катуу зат. Кычкылданган смола кислоталарынан турат.Абиетин смоласы ацетондо, фурфуролдо жакшы эрийт.Карагай сагызынан алынат. Абиетиндүү смола граммофон пластинкаларын жана электрди изоляциялагыч сырларды жасоого колдонулат/.

СМОЛА ОКСИТЕРПЕНОВАЯ окситерпендүү смола /жалтылдаган, кызыл түстүү, илээшкен тунук масса. Скипидарды кычкылдантуудан алынат, Сыр, боек өндүрүшүндө пластификатор жана пленка пайда кылуучу каражат болуп колдонулат/.

СОЛАНИН,СОЛАНИДИН соланин, соланидин /соланин жана анын агликону - соланидин картошкада жана өсүмдүктөрдүн ар кандай бөлүктөрүндө болот. Соланин ийне түрүндөгү түссүз кристалл - дардан турат. $t_э=245-250^o$, соланидиндин $t_к=218-219^oC$. Экөө тең күкүрт кислотасында эрийт да, сары түстөн кызылга андан кийин сыя өңгө, эң акырында күрөң болуп калат/.



СОЛЬВЕНТ сольвент /жыпар жыттуу суутектүү көмүртектин суюк аралашмасы.Коксохимия өндүрүшүндө бензолду жана нефти сырьелорун тазалоодон алынат. Сыр, боек, резина өндүрүшүндө эриткич болуп колдонулат/.

СОРБИНОВАЯ КИСЛОТА/2,4-ГЕКСАДИЕНОВАЯ КИСЛОТА/ сорбин кислотасы $CH_3-CH=CH-CH=CH-COOH$ /мейкиндикте орун алышы жагынан эки түрдүү изомери бар:

1/ транс-изомер 

ийне түрүндөгү кристалл, $t_э-134$, $t_к-228^oC$,

2/ транс-цис-изомер



$t_э=35^oC$.Гексоголактонду метил спиртинин эритмесинде, метилат натрийдин катышуусунда изомеризациялап т-ц-изомер сорбин кислотасын алууга болот/.

СОРБИТ /СОРБИТОЛ,Д-ГЛЮЦИТОЛ/ сорбит $C_6H_{14}O_6$ /таттуу,түссүз кристаллдан турат. $t_э=110-111^oC$. Муздак спиртте аз эрийт. Д-глюкозаны катализ же электрлеп калыбына келтирүүдөн сорбит алынат. Жаратылышта кеңири жайылган. Балырларда,жогорку өсүмдүктөрдө кездешет. Диабет оорусунда канттын ордуна колдонулат/.

СОРБОЗА сорбоза $C_6H_{12}O_6$ /оптикалык активдүү Д- жана L - турат. Сорбоза таттуу, түссүз кристаллдан турат. Сууда жакшы, спиртте жаман эрийт, эфирде эрибейт/.

СПАРТЕИН спартеин $C_{15}H_{26}N_2$ /алкалоид/ / $t_к=188^o/18$ мм, Ачуу,абада бачым карайып кете турган түссүз,майлуу суюктук.Суу

да жаман, спиртте,эфирде, хлороформдо жакшы эрийт. Спартеин ганглио /нерв түйүндөрүндө пайда болгон шишик/ оорусунун таралп кетпешин тово турган препарат/.

СПЕРМИН **спермин** $H_2N/CH_2/_3NH/CH_2/_4NH/CH_2/_3NH_2/$ $t_э$= =55-60$^0$, $t_к$=150$^0$/5 мм. ийне түрүндөгү кристалл, абада ажырап кетет. Сууда, төмөнкү спирттерде, хлороформдо жакшы,эфирде, бенволдо эң начар эрийт. Кислоталардын, жегичтердин таасирине туруктуу. Кандын басымын илдыйлатуучу препарат.Спермин биринчи жолу адамдын уругунан табылган. Айбандардын ткандарынан синтездеп алынат/.

СПИРАНЫ **спирандар** /ди же полициклдүү бирикмелер/. Спирандар бир түрдүү атомдордон түзүлгөн:



СПИРТЫ /АЛКОГОЛИ/ **спирттер** /суутектүү көмүртектердин гидроксил группасын /R -OH/ кармаган туундулары. Спирттер түзүлүшүнө жараша бөлүнөт: бир атомдуу спирттер, эки атомдуу спирттер /гликолдор/, үч атомдуу спирттер/глицериндер/, көп атомдуу спирттер:

а/ алифтикалык,

б/алициклдүү,

в/ ароматикалык,

г/ гетероциклдүү /.

СРЕДНИЕ ЭФИРЫ СИММЕТРИЧНОЙ ФОРМЫ СЕРНИСТОЙ КИСЛОТЫ **симметриялуу абалдагы күкүрттүү кислотанын орто эфири/к. алкилсульфитн/.**



СТАХИДРИН **стахидрин** /пролиндин N-метилдүү туундусу



көпчүлүк өсүмдүктөрдө кездеше турган, бетаиндерге кирүүчү зат/.

СТАХИОЗА **стахиоза** /акыркы убакта кристалл түрүндө бөлүнүп, толук аныкталган тетрасахарид бир гана стахиоза болуп эсептелет. Өсүмдүктөрдүн тамырындагы жемишинде болот. Стахиозанын даамы таттуу бирок Фелинги реактивин калыбына келтирбейт/.

СТЕАРИНОВАЯ КИСЛОТА **стеарин кислотасы** $CH_3/CH_2/_{16}COOH$ /үч түрдүү модификациясы бар / A,B,C/, туруктуу формасы -С. Стеарин кислотасы түссүз кристаллдан турат. $t_э$-69,5$^0$, $t_к$-376,1/ /760 мм. Стеарин кислотасы олеин кислотасын суутектендирүүдөн алынат. Стеарин кислотасын октадецил спиртин алууга колдонулат/. $C \xrightarrow{54^0} A$ ; $C \xrightarrow{46^0} B$

СТЕАРИНОВЫЙ АЛЬДЕГИД /ОКТАДЕКАНАЛ/ **стеарин альдегиди** $CH_3/CH_2/_{16}CHO$ / $t_э$=55, 63,5$^0$, $t_к$=261$^0$/100 мм. Эфирден кристалл данат.Этанолдо,эфирде эрийт,сууда эрибейт/.

СТЕАРИНОВЫЙ АНГИДРИД /ОКТАДЕКАНОВЫЙ АНГИДРИД/ **стеарин ангидриди** $/C_{17}H_{35}CO/_2O$ / $t_э$=71,5$^0$С. Түссүз кристалл. Эфирде гана эрийт,сууда жана этанолдо ажырап кетет/.

СТЕАРОЛОВАЯ КИСЛОТА **стеарол кислотасы** $CH_3/CH_2/_7C{=}C/CH_2/$ $/_7COOH$ / $t_э$=48,5, $t_к$= 189-190$^0$/1,8 мм. Түссүз кристалл.Ысык спиртте, эфирде жакшы,муздак спиртте аз гана эрийт, сууда эрибейт. 9,10-дибромстеарин кислотасын спирттүү жегич менен 100$^0$С

чейин ысытып стеарин кислотасын синтездеп алууга болот/.

СТЕРИНЫ /СТЕРОЛЫ/ <u>стериндер</u> /циклопентанпергидрофенантрендин гидроксил группасын кармаган туундусу. Өсүмдүктөр жана жаныбарлар организиминен алынат. Стероид стериндери өнөр жайларда гормон препараттарын алуудагы сырье болуп колдонулат/.

СТЕРОИДЫ <u>стероиддер</u> / физиологиялык активдүү, көбүнчө өсүмдүктөрдө кездешүүчү татаал түзүлүштүү бирикмелер. Медицинада колдонулат/.

СТИБИНЫ <u>стибиндер</u> /сурьма менен суутектин бирикмеси $SbH_3$. $R-SbH_2$, $R_2SbH$, $R_3Sb$. $R_3Sb$ -стибин түссүз суюктук же кристаллдан турган зат. Сууда эрибей, органикалык эриткичтерде эрийт/.

СТИЛЬБАЗО <u>стильбазо</u> ______ $C_{26}H_{26}O_{10}N_6S_2$ күрөң кочкул же кара түстүү порошок, сууда эригенде саргыч кара түскө өтөт/.

СТИЛЬБЕН /ДИБЕНЗИЛИДЕН <u>стильбен</u> $C_{14}H_{12}$ же




геометриялык эки изомерден турат:

1/ транс-изомер $t_э$=124°, $t_к$=166-167°/ 12 мм.

2/ цис-изомер $t_э$=6°, $t_к$=145°/13 мм.

Сууда эрибейт, органикалык эриткичтерде эрийт. Бензоинди калыбына келтирүүдөн стильбен алынат. Органикалык синтезде монокристаллдарды алууда колдонулат.

СТИЛОМИЦИН <u>стиломицин</u> /<u>к. пуромицин</u>/.

СТИРОЛ <u>стирол</u> $C_6H_5CH=CH_2$ / $t_э$=-30,628°, $t_к$=145,2°C. Мүнөздүү жыты бар, каныкпаган суутектүү көмүртек. Ацетон, этил, метил спирти менен аралашат. Өнөр жай тармагында стирол көбүнчө этилбензолду катализдин жардамы менен суутексиздендирүүдөн алынат:

$$C_6H_6 + CH_2=CH_2 \longrightarrow C_6H_5CH_2CH_3 \xrightarrow{-H} C_6H_5CH=CH_2$$

Стирол жалаң гана полистирол алуу өндүрүшүндө колдонулат/.

СТИФНИНОВАЯ КИСЛОТА <u>стифнин кислотасы</u> $C_6H_3O_8N_3$ / $t_э$= = 176,7°C. Сары түстүү кристалл. Эфирде жана спиртте жеңил, сууда начар эрийт. Стифнин кислотасы резорциндён алынат. Жарылгыч заттарды даярдоо өндүрүшүндө колдонулат/.

СТРЕПТОМИЦИН <u>стрептомицин</u> $C_{21}H_{39}N_7O_{12}$ /антибиотик/.

/Дарылоо практикасында чоң маанилүү антибиотик. Стрептомицинди микроорганизмдерден биринчи жолу Ваксман бөлүп алган бөлүп алган. Кээ бир туберкулез жана инфекция ооруларын айыктырууга колдонулуучу баалуу дары/.

СТРЕПТОЦИД /СТРЕПТОЦИД БЕЛЫЙ/ <u>стрептоцид</u> $C_6H_8O_2N_2S$ /$t_э$= =164-167°C. Ак түстүү, кристаллдуу порошок. Муздак сууда начар, ысык сууда жакшы, спиртте кыйындык менен эрий турган дары зат. Эфирде, хлороформдо эрибейт. Стрептоцид менингит жана ангина ооруларын дарылайт/.

СТРИХНИН <u>стрихинин</u> $C_{21}H_{22}N_2O_2$ / $t_э$=282°, $t_к$=270°/5 мм.

Түссүз кристаллдардан турат. Сууда начар, хлороформдо жакшы эрийт. Чилибухи уругунда, куздургуч жаңгакта көп санда болот. Борбордук нерв системасына таасир этүүчү зат. Адамды калтыратып тырыштыруучуу уу/.

СТРОФАНТИДИН <u>строфантидин</u> /жаратылышта ар кандай гликозиддери түрүндө кездешет. Строфантин, к-строфантозид, циморин/.

СТРОФАНТИН строфантин /стероиддүү гликозид. *Strophantus Combe* өсүмдүгүндө строфантин болот.

1/ К-строфантин – $C_{36}H_{54}O_{14}$; ак, кристаллдуу порошок, $t_э$=194-196°, сууда эрийт, спиртте жакшы, хлороформдо начар эрийт.

2/ д-строфантин /уабаин/; $C_{29}H_{44}O_{12}$-кристаллдан турат. $t_э$=198-202°С, сууда эрийт, спиртте аз эрийт. Бул эки гликозид тең жүректүн ишин жеңге салып туруучу каражат болуп колдонулуп, медицинада мааниси чоң/.

СУБЕРАН суберан /к. циклогептан/.

СУБЕРИЛОВЫЙ СПИРТ суберил спирти /к. циклогептанол/.

СУБЕРОН суберон /к. циклогептанон/.

СУКЦИНАЛЬДЕГИД сукцинальдегид /к. янтарный альдегид/.

СУКЦИНДИАЛЬДЕГИД сукциндиальдегид $OCHCH_2CH_2CHO$ /озонид диаллилди суу менен ажыратуудан алынат. Сукциндиальдегид, глиоксаль сыяктуу полимеризацияланууга өтө эле шыктуу. Отчондуктан сукциндиальдегидди молекулалык абалда сактоо кыйын/.

СУЛЬГИН сульгин $C_7H_{10}O_2N_4S \cdot H_2O$ же




$t_э$=189-192°С. Ак, кристаллдуу порошок. Муздак сууда начар, ысык сууда тээк эрийт, жегич эритмелеринде эрибейт. Суюлтулган минераль кислоталарда жеңил эрийт. Ич өткөндө колдонулуучу дары/.

СУЛЬСЕН /СЕЛЬСУЛ, СЕРНИСТЫЙ СЕЛЕН/ сульсен /селен менен күкүрттүн бирикмеси. Кызгылт сары түстүү, борпоң порошок. Сууда, спиртте, эфирде, кислоталарда эрибейт, жегич эритмелеринде



гана эрийт. Сульсен $H_2SeO_3$-на $H_2S$ менен таасир этүүдөн алынат. Сульсен себоррея /тери оорусу/ оорусуна колдонула турган, сабындын негизи болуп колдонулат/.

СУЛЬФАДИАЗИН сульфадиазин /к. сульфазин/.

СУЛЬФАДИМЕЗИН сульфадимезин $C_{12}H_{14}O_2N_4$ же




$t_э$=196-200°С. Ак порошок. Кыйындык менен сууда эрип, суюлтулган кислота жана жегичтерде жакшы эрий турган зат. Медицинада кеңири колдонула турган дары.

СУЛЬФАЗИН сульфазин $C_{10}H_{10}O_2N_4S$ / $t_э$=252-256°С. Ак же сары түстүү порошок. Сууда гана эрибейт, калган органикалык эриткичтерде, жегичтерде, кислоталарда эрийт. Сульфазин ациламинбензолсульфахлорид менен 2-аминопиримидиндин өз ара таасирленишинен алынат. Сульфазин ангинага, өпкө кагынганда, ич өткөндө, менингит, табарсыкка суук тийген ооруларга колдонулат/.

СУЛЬФАМЕТИН сульфаметин /$C_{30}H_{30}O_2N_4S$/$_n$ /жыпар жыттуу, сары порошок, сууда, спиртте жана органикалык эриткичтерде эрибейт. Сульфометин 4-диметиламинбензальдегидди 4,4-диаминдифенилсульфон менен изопропил спиртинде кайнатуудан пайда болот. Сульфаметин сөөк учугун дарылоого колдонулат/.

СУЛЬФАНИЛАМИДЫ сульфаниламиддер /өзүнүн түзүлүшүндө $SO_2NR'R''$ группасын кармаган көп сандагы органикалык бирикмелер. Сульфаниламиддердин медицинада мааниси чоң. Антибактериальный препарат. Сульфаниламиддер ак түстүү кристаллдан турат/.

СУЛЬФАМИНОВАЯ КИСЛОТА/МОНОАМИД СЕРНОЙ КИСЛОТЫ/ сульфамин кислотасы $H_2NSO_2OH$ / $t_э$=205°C. Сульфамин кислотасы ным тартпаган, жыты жок түссүз кристалл. Органикалык эриткичтерде эрибейт. Өнөр жай тармагында мочевинанын күкүрт кислотасынын, күкүрт ангидридинин /$H_2SO_4$, $SO_3$/ эквимолекулалык санынын өз ара аракеттенүүсүнөн сульфамин кислотасы келип чыгат. Аналитикалык химияда колдонулат/.

СУЛЬФАНИЛОВАЯ КИСЛОТА /П-АМИНОБЕНЗОЛСУЛЬФОКИСЛОТА/ сульфанил кислотасы $H_2N-C_6H_4-SO_3H$ /280-300° ажырай турган түссүз кристалл. Өнөр жайларда анилинсульфатты 180-200° ысытуудан сульфанил кислотасы алынат. Сульфанил кислотасы химия лабораторияларында нитриттерди, осмийди, рутенийди, церийди аныктоого колдонулат/.

СУЛЬФАНТРОЛ сульфантрол $C_{13}H_{11}O_4N_2SNa \cdot 1/2\ H_2O$ /майда кристаллдуу порошок. Спиртте кыйынчылык менен, сууда жакшы эрийт. Антранил кислотасынын натрий тузуна фенилуретиленсульфохлорид менен таасир этүүдөн сульфантрол алынат. Айыл чарба жаныбарларынын инфекциялуу ооруларын дарылоого колдонулат/.

СУЛЬФАПИРИДАЗИН /КИНЕКС,ЛЕДЕРКИН/ сульфапиридазин $C_{11}H_{12}N_4O_3S$ же




$t_э$=180-183°C. Муздак сууда кыйынчылык менен, ысык сууда жеңил эрий турган ачуу, түссүз кристалл. Суюлтулган кислота жана жегичтерде, спиртте, ацетондо да жакшы эрийт. Инфекциялуу ооруларга колдонулат/.



СУЛЬФАЦИЛ сульфацил $C_8H_{10}O_3N_2S$ / $t_э$=178-181°C. Жытсыз, ак кристаллдуу порошок. Жегичтерде, кислоталарда, спиртте эрийт. Медицинада сульфацилдин сууда жакшы эрий турган натрийдүү туундусу колдонулат/.

СУЛЬФИДИН сульфидин $C_{11}H_{11}O_2N_3S$ же




ак же саргыч түстүү кристалл. Сууда аз гана, суюлтулган кислоталарда, жегичтерде жакшы эрийт, эфирде, бензолдо эрибейт. Сульфидин п-ациламинбензолсульфохлорид менен 2-аминпиридиндин пиридин чөйрөсүндө өз ара реакциясынан алынат.

СУЛЬФИНОВЫЕ КИСЛОТЫ сульфиндүү кислоталар RS /O/OH /күкүрттүү /сульфит/ кислотасынын органикалык туундулары. Май рядындагы бош сульфин кислоталар абада жеңил кычкылданып туруксуз. Сульфиндүү кислоталар сульфокислоталардын хлорангидриддин кислота чөйрөсүндө цинк менен калыбына келтирүүдөн алынат/.

СУЛЬФОКИСЛОТЫ /СУЛЬФОНОВЫЕ КИСЛОТЫ/ сульфокислоталар $RSO_2OH$ /ным тарткыч кристалл,/күчтүү кислота/. Жыпар жыттуу суутектүү көмүртектерге күкүрт кислотасы же олеум менен таасир этүүдөн сульфон кислоталары пайда болот. Сульфокислоталарды алуунун натыйжалуу жолу иштетилип чыккан./Сульфохлориддер аркылуу алуу/. Жаратылышта сульфокислоталар аминосульфокислоталар түрүндө кездешет/.

СУЛЬФОКСИДЫ /СУЛЬФООКИСИ/ сульфоксиддер /эки органикалык радикалдын >SO группасын кармаган бирикмеси. Сульфоксиддер түссүз кристаллдуу заттар. Начар негиздик касиетке ээ. Сульфоксиддер спиртте, эфирде жакшы эрийт/.

СУЛЬФОНИН сульфонин /к. сульфаметин/.

СУЛЬФОНЫ сульфондор /эки органикалык радикалдын $>SO_2$ группасын кармап байланышкан бирикмеси. М.: диметилсульфон $/CH_3/_2 SO_2$. Сульфондор кристалл же суюктук түрүндөгү туруктуу зат. Сульфондор сульфиддерди же сульфоксиддерди күчкылдантып алынат/.

СУЛЬФОСАЛИЦИЛОВАЯ КИСЛОТА /2-ОКСИ-5-СУЛЬФОБЕНЗОЙНАЯ КИСЛОТА/ сульфосалицил кислотасы




ийне түрүндөгү кристаллдан турат. $t_э$=115°C, сууда, спиртте, эфирде чексиз эрийт. Сульфосалицил кислотасы салицил кислотасын 3% олеум менен сульфирлөөдөн алынат .

СФЕРОФИЗИН /1-ГУАНИДИНО-4-/ИЗОАМИЛЕН-1/-АМИНОБУТАНА/ сферофизин




сферофизин жытсыз,ачуу, ак кристаллдуу порошок. Сууда, спиртте жакшы эрийт, эфирде, хлороформдо эрибейт. Сферофизин кан басымын ылдыйлатат. Ошондуктан гипертония оорусун дарылоого колдонулат.

СФИНГОЗИН сфингозин $C_{18}H_{37}O_2N$ /молекулалык салмагы 299,50 /аминоспирт/. $t_э$=81,5-83°C. Мээде болот. Түссүз,ийне түрүндөгү кристалл.Сууда эрибейт, спиртте,эфирде,ацетондо эрийт. Сфингозин, цереброзиддерди гидролиздеп ажыратуудан же транс-2-гексадецен кислотасынан жана этилацетаттан синтездеп алы-



нат/.

СФИНГОМИЕЛИНЫ сфингомиелиндер /составына аминоспирттер сфингозин жана холин кирген татаал липиддер. Сфингомиелиндер ак кристаллдуу зат. $t_э$=196-198°C. Кыйындык менен спиртте,пиридинде, эфирде жана ацетондо эрийт. Сфингомиелиндер жаныбарлардын нерв ткандарында болот/.

СЦИЛЛИТ сциллит




/циклогександын гидроксилдүү туундусу/. Оптикалык активдүү эмес инозиттин бир формасы. Акуланын кемирчегинен табылган, өсүмдүктөр дүйнөсүндө кеңири таралган.

- Т -

Д-ТАЛОЗА д-талоза $CH_2OH/CHOH/_4CHO$ /молекулалык салмагы 180,16. $t_э$=128-130°C /.

ТАННИНЫ таниндер /өндөө заттары.

а/ Кытай таннины сыя жаңгагынын өндөө заттары. Глюкозанын полигаллоилдүү туундуларынын аралашмасы болот.

б/ Турец таннины кытай таннины сыяктуу эле галлоилдүү глюкозадан жана гексагидродифен, аллаго кислоталарынан турат. Бул заттар өндөөдөн башка да сыя жасоодо, кездемелерди боёодо колдонулат/.

ТАРАРИНОВАЯ КИСЛОТА тарарин кислотасы /стеарол кислотасынын изомери. Picra mnia tarari өсүмдүгүнүн данынын майында глицерид түрүндө тарарин кислотасы болот. $CH_3/CH_2/_{10}C{\equiv}C/CH_2/$ $/_4COOH$. Тарарин кислотасын күчкылдантып ажыратуудан адипин жа-

на лаурин кислоталары пайда болот/.

ТАРТРОНОВАЯ КИСЛОТА тартрон кислотасы НООС-СНОН-СООН; /молекулалык салмагы 120,06. $t_э$=156-158°С. Бул оксималон кислотаны алуу өтө кыйын. Көп эмес санда тартрон кислотасын глицеринди перманганат калий менен кычкылдантуудан, монобром - малон эфирин күмүштүн кычкылы менен бромсуудандыруудан алууга болот.Сууда,спиртте жеңил, эфирде кыйындык менен эрийт/.

ТАУРИН таурин $CH_2NH_2CH_2.SO_3H$ /молекулалык салмагы 125,15. $t_э$=328-329°С.Эфирде эрибейт. Таурин буканын өтүндө холева кислотасы түрүндө болот. Таурин цистеинди декарбоксилдөөдөн да пайда болот/.

ТАУРОХОЛЕВАЯ КИСЛОТА таурохолева кислотасы $C_{25}H_{45}NO_7S$. . $H_2O$ /ийне түрүндөгү көлкулдөгөн кристаллдан турат. 125°-эрип, составдык бөлүгүнө ажырап кетет.Сууда,спиртте жеңил,кыйындык менен эфирде эрийт/.

ТЕБАИН тебаин $C_{19}H_{21}NO_3$ /М.В. -311,39. $t_э$-193°С.Адамда калтыратып тырыштыруучу күчтүү уу зат. Опий алкалоиддеринин ичинен наркотикалык касиети жогу тебаин/.

ТЕОБРОМИН /3,7-ДИМЕТИЛКСАНТИН/ теобромин /какао жана буурчакта болуучу маанилүү алкалоид. Ысык сууда гана жакшы эрийт. $t_э$ =361° /.

ТЕОРИЯ теория

1/ ЗАМЕЩЕНИЯ орун алмашуу теориясы /1834-1845-ж. Дюм эксперимент жүргүзүүнүн негизинде көпчүлүк органикалык бирикмелерде суутектин хлорго орун алмашуусун байкаган/.

2/ КЕКУЛЕ Кекуле(нин) теориясы /элементтер бирикмелердин составына так санда кирерин аныктаган, ошону менен бирге валенттүүлүк түшүнүгүн ачкан.Метандын составын анализдеп,көмүртектин 4-валенттүү экенин 1857-ж. көрсөткөн/.

3/ЛЬЮИСА-ЛЭНГМЮРА Льюиса-Лэнгмюр(дүн) теориясы/ химиялык байланыштардын табиятынын жөнүндө 1916-1916-ж. Льюис электроваленттүү жана коваленттүү байланыштарды түшүндүрүүгө атомдун моделин колдонгон. Льюис коваленттүү байланышты эки атомдун ортосундагы жуп электрондор экендигин далилдеген. Бирок, атомдорду байланыштырып турган күчтү түшүндүрө алган эмес. Лэнгмюр туруктуу молекулалардын сырткы электрон катмарында октет электрондорун кармашын аныктаган. Льюис-Лэнгмюр изилдөөлөрүнүн негизинде Беркенгейм атомдордун ортосундагы байланыш бир электрондон эмес эки валенттүү электрондордон түзүлүп,андан жалпы байланыш болоорун көрсөткөн/.

4/ МЕЗОМЕРИИ мезомерия теориясы /түзүлүш формуласы жөнүндө идеалисттик теория, советтик окумуштуулар тарабынан жокко чыгарылган/.

5/ НАПРЯЖЕНИЯ /БАЙЕРА/ Байер чыңалуусунун теориясы /ара катыш күчтөрдүн химиялык туугандыктары /окшоштуктары/. Бул теория боюнча органикалык бирикмелердин молекуласындагы ара катыш күчтөрүнүн химиялык тууганчылыгынын натыйжасында үч жана төрт мүчөлүү шакекчелерге караганда, беш жана алты мүчөлүү шакекчелер жеңилирээк пайда болот.Анна дагы булар туруктуу болушат/.

6/ ПАРЦИАЛЬНЫХ ВАЛЕНТНОСТЕЙ/ТИЛЕ/ парциалдуу валенттүүлүк /Тиле/. Кош байланыштуу углеводороддор бир же эки жөнөкөй жаңы байланышты түзүүгө караганда, өз ара бир-бирин каныктырууга көбүрөөк энергия жумшашат. Ошондуктан каныкпаган тууган-дык байланыш түзүү касиетин сырткы сферасын жумшайт да, жаңы атомдордун пайда болушун камсыздандырат. М.:



Пунктир менен парциалдуу валенттүүлүк күчү көрсөтүлгөн. Парциалдуу валенттүүлүк ички көмүртек атомдорунда болгондо,бир - бирин толуктап канықтырышат, ал эми парциалдуу валенттүүлүк чыңжырдын ээктарында болсо каныкпаган касиети күчтүү жана активдүү келет:

$$CH_2 - CH - CH - CH_2$$

7/ РАДИКАЛОВ радикалдар теориясы /Берцелиус, Дюм жана Либихтер XIX к. башында органикалык бирикмелердин түзүлүшү, органикалык эмес заттардын түзүлүшүнө караганда татаал экен - диктерин аныкташкан. Радикал деп атомду же атомдордун группасын айтабыз. Азыркы убакта радикалдар деп кээ бир бирикмелердин өзгөрүлбөгөн составдык бөлүгүн айтууга болот.Радикалдар реакцияларды жөнөкөй денече менен орун алмаштырат, органикалык бирикмелерди систематизациялоонун негизинде радикал теориясы келип чыккан/.

8/ ТИПОВ типтер теориясы /аминдердин ачылышы /Вюрц 1848/ бул теорияны түзүүгө негиз болгон.Гофман тарабынан улантылган. Органикалык негиздердин бардыгын азоттун бирикмелери деп айтууга болот же болбосо аммиактагы суутек атомдорунун углеводород калдыктарына орун алмашкан. Ушул бирикмелердин өзүндө энелик зат болуп азот жаткандыктан бардыгы аммиак түрүнө жатышат.

Жерар 1852-жылы суусуз кислоталарды же кислота ангидриддерин ачкан. Буларды суу туундулары деп кароого болот:




Тип теориясынын негизинде химиялык түзүлүш теориясы келип чык-



ты/.

9/ А.М. БУТЛЕРОВА Бутлеровдун теориясы /органикалык химиянын түзүлүшү жөнүндө:

1/ Заттардын молекуласындагы атомдордун химиялык байланышы белгилүү тартипте болот.

П/ Заттардын химиялык касиети алардын составынан, түзүлүшүнөн аныкталат.

Ш/ Составы жана молекулалык салмагы бирдей заттардын түрдүүчө түзүлүшү, изомерия кубулушуна байланыштуу.

1У/ Молекуладагы атомдордун химиялык мүнөзү,реакцияга жөндөмдүүлүгү, ошол молекулада кандай атомдор менен байланышып тургандыгына байланыштуу.

Органикалык бирикмелердин илимий классификациясы жана номенклатурасы А.М.Бутлеровдун химиялык түзүлүш теориясынын принциптерине негизделген/.

ТЕОФИЛИН /1,3-ДИМЕТИЛКСАНТИН/ $C_7H_8N_4O_2$;м.с.-180,17 теофилин / $t_э$=268°С.Көп эмес санда чайдын жалбырагында болот. Траубе методу боюнча диметилмочевинадан жана циануксус эфиринен синтездеп алууга болот. Пластинка түрүндөгү түссүз кристалл.Ысык сууда жеңил, муздак сууда кыйындык менен эрийт. Медицинада теоцин деген ат менен сийдик айдаткыч күчтүү каражат болуп колдонулат/.

ТЕРЕБИНОВАЯ КИСЛОТА /2,2-ДИМЕТИЛПАРО-КОЛОВАЯ КИСЛОТА/ теребин кислотасы $C_7H_{10}O_4$;М.С.-158,16 / $t_э$=175°С, сууда кыйындык менен эрийт/.

ТЕРЕФТАЛЕВАЯ КИСЛОТА терефталь кислотасы



м.С.-166,74.П-толуил кислотасын кычкылдантып терефталь кислотасы алынат. 300°С температурада эрибестен кургак бууланат, Ангидрид пайда кылганга жөндөмсүз. Терефталь кислотасынан жана этиленгликолдон терилен /лавсан/ буласы алынат.

ТЕРПИН терпин /1,8-ТЕРПИН/.



терпингидрат же 1,8-терпиндин гидраты жаңы эфир майларында болбойт. Бирок алар көп тургандан кийин гана пайда болот. Өнөр жайларда терпин скипидарды суюлтулган күкүрт кислотасы менен гидратациялоодон алынат. Терпин жыттуу заттарды, айрыкча терпинеолдорду алууда негизги сырье болуп колдонулат.

1,4-ТЕРПИН 1,4-терпин /экинчи терпин цис-жана транс-түзүлүштө белгилүү. 1,8-терпинге караганда 1,4-терпиндин мааниси азыраак. Синтетикалык жол менен 1,4-терпин, 1,4-дибромментандан алынат/.

ТЕРПИНГИДРАТ терпингидрат /к. 1,4-терпин/.

-ТЕРПИНЕОЛ -терпинеол





дарактнлышта α-терпинеол көпчүлүк эфир майларында кездешет. М.: кардамоновом, хайепутевом. Сатыкта жүрүүчү "терпинеол" продуктасы фосфор кислотасы менен терпенгидраттардан сууну бөлүп таштоодон алынат. Терпинеол -α,-β-γ терпинеолдун аралашмасы болот. Бул спирттер сирендин жытындай жакшына - кай жыттуу болушат.

ТЕРПИНОЛЕН терпинолен $C_{10}H_{16}$ М.С.-136,24. / $t_к$=185-187°С Элеминин манил майында жана корландр майында болот. Терпинолен лимон жыттуу, түссүз суюктук, сууда эрибейт, уюлданбаган органикалык эриткичтерде жакшы эрийт. Терпинолен синтетикалык жол менен терпинеолдон кову кулак кислотасынын жардамы менен суусун бөлүп таштоодон алынат/.

ТЕТРААЛКИЛСИЛАНЫ тетраалкилсиландар /$CH_3/_4Si$; /Тетраалкилсиландар $SiCl_4$ менен цинкдиалкилдердин өз ара аракеттенишинен алынат. Тетраалкилсилан составдык бөлүгүнө ажырабастан кайнайт. $t_к$=26,5°С/.

ТЕТРААЛКИЛТИУРАМДИСУЛЬФИДЫ тетраалкилтиурамдисульфиддер /к. тиурамы/.

ТЕТРААРИЛГИДРАЗИНЫ тетраарилгидразиндер /дифениламиндерди жана алардын туундуларын кычкылдандыруудан алынат.

$$2/C_6H_5/_2NH \longrightarrow /C_6H_5/_2N \longrightarrow N/C_6H_5/_2$$

Тетраарилгидразиндер жакшы кристаллдана турган түссүз зат. $t_э$=144°. Коюу күкүрт кислотасында эригенде көк түстү берет. Тетраарилгидразин химиялык валенттүүлүктү аныктоодо мааниси чоң/.

ТЕТРАЗИНЫ тетразиндер / 6-мүчөлүү шакекче системасында 4 атом азот кармаган гетероциклдүү бирикме. Молекуласында көп азот кармагандыктан кыйгычтуу бирикмелердин группасына кирет.

Төмөнкү туундулары белгилүү: 1/ 1,2,3,4-тетразин, 2/1,2,4,5--тетразин.





/I/ /П/

М.С.-70,06 М.С.-70,06

1,2,4,5-тетразин күрөң кызыл түстөгү кристалл. $t_э$-99°С.Тез учуп кете турган жана жеңил составдык бөлүгүнө ажыроочу зат. Сууда нетралдуу реакция көрсөтүп эрийт жана күрөң көк түскө боёлот/.

ТЕТРАЗОЛ тетразол /төрт атом азоттон жана бир атом көмүртектен турган шакекче, эки таутомериялык формада реакцияга кирет:





тетразол түссүз кристаллдан турат. $t_э$-155°С.Металлдар менен болгон туздары туруктуу/.

ТЕТРАКОЗАН тетракозан $CH_3/CH_2/_{22}CH_3$ /эфирден гана кристаллданат. $t_э$=50,6°, $t_к$-394°С, сууда эрибейт, бирок спиртте жана эфирде жеңил эрийт/.

ТЕТРАМЕТИЛЕН тетраметилен /к. циклобутан/.

ТЕТРАМЕТИЛАЛЛОКСАНТИН тетраметилаллоксантин/к.амалевая кислота/.



ТЕТРАНИТРОМЕТАН тетранитрометан $C/NO_2/_4$ /уксус ангидридинен жана азоттун кычкылынан $/N_2O_5/$ же болбосо коюу азот кислотасынан пайда болот. $t_э$=113°, $t_к$=126°С,Туруктуу зат,бирок көмүртеги көп заттар аралашканда дүрт күйүп жарылат. Тетранитрометан каныкпаган заттар менен боёлгон продуктаарды пайда кылууга жөндөмдүү.Тетранитрометан суюк жарылгыч аралашмаларды кычкылдандырууда жана ракетанын отуну болуп колдонулат/.

ТЕТРАОКСИБЕНЗОЛ тетраоксибензол /үч түрдүү тетрабензол белгилүү, бирок эч кандай практикалык мааниси жок.



1,2,3,4-тетраоксибензол *вициналдуу*

$t_э$-161°,185°С.





1,2,4,5-тетраоксибензол /симметриялуу,$t_э$=215-220°С/.

1,2,3,5-тетраоксибензол /симметриялуу эмес,$t_э$=165°С/

ТЕТРАФЕНИЛМЕТАН тетрафенилметан $/C_6H_5/_4C$ /Гомберг реакциясы боюнча толугу менен фенилденген метанды, бромдуу - фенилмагнийге трифенилхлорметан менен таасирлөөдөн алынат.Тетрафенилметан түссүз кристаллдан турат. $t_э$=285°С.Эң эле туруктуу зат/.

9,10,11,12-ТЕТРАФЕНИЛНАФТАЦЕН 9,10,11,12-тетрафенилнафтацен /к. тетрафенилрубрен/.

ТЕТРАФЕНИЛПИРАЗИН тетрафенилпиразин /к. амарон/.

ТЕТРАФЕНИЛРУБРЕН тетрафенилрубрен




нафтацендин туундусу.Дюфре жана Дуре тетрафенилрубрендин кызыл түстүү, суутектүү көмүртек экендигин ачып, аныкташкан. Рубрен өтө але каныкпаган суутектүү көмүртек болгондуктан жарыкта кычкылтек менен бириги түссүз өтө кычкылды /перекись/ пайда кылат.

ТЕТРАФТОРЭТИЛЕН тетрафторэтилен , техникалык маанилүү полимерди алууда негизги сырье болуп колдонулат. Тетрафторэтилен хлороформго плавик кислотасы менен таасирлеп жана булардан туз кислотасын платина түтүгүндө 600-800° болуп тештоодон алынат. Реакциясы төмөндөгүдөй:

$$CHCl_3 + 2HF \longrightarrow CHClF_2 + 2HCl$$

$$2CHClF_2 \longrightarrow CF_2 + CF_2 + 2HCl$$

ТЕТРАХЛОР-П-ХИНОН/ХЛОРАНИЛ /ЭРДМАН/ тетрахлор-п-хинон




Бул зат көпчүлүк жыпар жыттуу бирикмелерден пайда болот.М.: анилинди, фенолду, п-аминофенолду $KClO_3$ же туз кислотасы



3/ЛЬЮИСА-ЛЭНГМЮРА Льюиса-Лэнгмюрдүн теориясы/ химиялык байланыштардын табигаты жөнүндө 1915-1916-ж. Льюис электроваленттүү жана коваленттүү байланыштарды түшүндүрүүгө атомдун моделин колдонгон. Льюис коваленттүү байланышты эки атомдун ортосундагы жуп электрондор экендигин далилдеген. Бирок, атомдорду байланыштырып турган күчтү түшүндүрө алган эмес. Лэнгмюр туруктуу молекулалардын сырткы электрон катмарында октет электрондорун кармашын аныктаган. Льюис-Лэнгмюр изилдөөлөрүнүн негизинде Беркенгейм атомдордун ортосундагы байланыш бир электрондон эмес эки валенттүү электрондордон түзүлүп,андан жалпы байланыш болоорун көрсөткөн/.

4/ МЕЗОМЕРИИ мезомерия теориясы /түзүлүш формуласы жөнүндө идеалисттик теория, советтик окумуштуулар тарабынан жокко чыгарылган/.

5/ НАПРЯЖЕНИЯ /БАЙЕРА/ Байер чыңалуусунун теориясы /ара катыш күчтөрдүн химиялык тууганчылыктары /окшоштуктары/. Бул теория боюнча органикалык бирикмелердин молекуласындагы ара катыш күчтөрүнүн химиялык тууганчылыгынын натыйжасында үч жана төрт мүчөлүү шакекчелерге караганда, беш жана алты мүчөлүү шакекчелер жеңилирээк пайда болот..жана дагы булар туруктуу болушат/.

6/ ПАРЦИАЛЬНЫХ ВАЛЕНТНОСТЕЙ/ТИЛЕ/ парциалдуу валенттүүлүк /Тиле/. Кош байланыштуу углеводороддор бир же эки жөнөкөй жаңы байланышты түзүүгө караганда, өз ара бир-бирин каныктырууга көбүрөөк энергия жумшашат. Ошондуктан каныкпаган туугандык байланыш түзүү касиетин сырткы сферасын жумшайт да, жаңы атомдордун пайда болушун камсыздандырат. М.:



Пунктир менен парциалдуу валенттуулук кучу керсетулген. Парциалдуу валенттуулук ички кемуртек атомдорунда болгондо,бир-бирин толуктап каныктырышат, ал эми парциалдуу валенттуулук чынжырдын ээктарында болсо каныкпаган касиети кучтуу жана активдуу келет:

$$CH_2 - CH - CH - CH_2$$

7/ РАДИКАЛОВ радикалдар теориясы /Берцелиус, Дюм жана Либихтер XIX к. башында органикалык бирикмелердин тузулушу, органикалык эмес заттардын тузулушуне караганда татаал экендиктерин аныкташкан. Радикал деп атомду же атомдордун группасын айтабыз. Азыркы убакта радикалдар деп кээ бир бирикмелердин езгерулбеген составдык болугун айтууга болот.Радикалдар реакцияларды женекей денече менен орун алмаштырат, органикалык бирикмелерди систематизациялоонун негизинде радикал теориясы келип чыккан/.

8/ ТИПОВ типтер теориясы /аминдердин ачылышы /Вюрц 1848/ бул теорияны тузууге негиз болгон.Горман тарабынан улантылган. Органикалык негиздердин бардыгын азоттун бирикмелери деп айтууга болот же болбосо аммиактагы суутек атомдорунун углеводород калдыктарына орун алмашуу. Ушул бирикмелердин езунде энелик зат болуп азот жаткандыктан бардыгы аммиак турунө жатышат.

Жерар 1852-жылы суусуз кислоталарды же кислота ангидриддерин ачкан. Буларды суу туундулары деп кароого болот:




Тип теориясынын негизинде химиялык тузулуш теориясы келип чык-



ты/.

9/ А.М. БУТЛЕРОВА Бутлеровдун теориясы /органикалык химиянын тузулушу жонундө:

I/ Заттардын молекуласындагы атомдордун химиялык байланышы белгилуу тартипте болот.

II/ Заттардын химиялык касиети алардын составынан, тузулушунан аныкталат.

III/ Составы жана молекулалык салмагы бирдей заттардын турдуучө тузулушу, изомерия кубулушуна байланыштуу.

IV/ Молекуладагы атомдордун химиялык мунөзу,реакцияга жөндемдуулугу, ошол молекулада кандай атомдор менен байланышып тургандыгына байланыштуу.

Органикалык бирикмелердин илимий классификациясы жана номенклатурасы А.М.Бутлеровдун химиялык тузулуш теориясынын принциптерине негизделген/.

ТЕОФИЛИН /1,3-ДИМЕТИЛКСАНТИН/ $C_7H_8N_4O_2$;м.с.-180,17 теофилин / $t_э$=268°С.Көп эмес санда чайдын жалбырагында болот. Траубе методу боюнча диметилмочевинадан жана циануксус эфиринен синтездеп алууга болот. Пластинка түрүндөгү түссүз кристалл.Ысык сууда жеңил, муздак сууда кыйындык менен эрийт. Медицинада теоцин деген ат менен сийдик айдаткыч күчтүү каражат болуп колдонулат/.

ТЕРЕБИНОВАЯ КИСЛОТА /2,2-ДИМЕТИЛПАРО-КОНОВАЯ КИСЛОТА/ теребин кислотасы $C_7H_{10}O_4$;М.С.-158,16 / $t_э$=175°С, сууда кыйындык менен эрийт/.

ТЕРЕФТАЛЕВАЯ КИСЛОТА терефталь кислотасы



М.С.-166,74.П-толуил кислотасын кычкылдантып терефталь кислотасы алынат. 300°С температурада эрибестен кургак бууланат, Ангидриди пайда кылганга жөндөмсүз. Терефталь кислотасынан жана этиленгликолдон терилен /лавсан/ буласы алынат.

ТЕРПИН терпин  /1,8-ТЕРПИН/.

терпингидрат же 1,8-терпиндин гидраты жаңы эфир майларында болбойт. Бирок алар көп тургандан кийин гана пайда болот. Өнөр жайларда терпин скипидарды суюлтулган күкүрт кислотасы менен гидратациялоодон алынат. Терпин жыттуу заттарды, айрыкча терпинеолдорду алууда негизги сырье болуп колдонулат.

1,4-ТЕРПИН 1,4-терпин /экинчи терпин цис-жана транс-түзүлүштө белгилүү. 1,8-терпинге караганда 1,4-терпиндин мааниси азыраак. Синтетикалык жол менен 1,4-терпин, 1,4-диброммен-тандан алынат/.

ТЕРПИНГИДРАТ терпингидрат /к. 1,4-терпин/.

-ТЕРПИНЕОЛ -терпинеол





жаратылышта $\alpha$-терпинеол көпчүлүк эфир майларында кездешет. м.: кардамоновом, хайепутевом. Сатыкта жүрүүчү "терпинеол" продуктасы фосфор кислотасы менен теппенгидраттардан сууну бөлүп таштоодон алынат. Терпинеол ,-$\alpha$,-$\beta$-$\gamma$ терпинеолдун аралашмасы болот. Бул спирттер сирендин жытындай жакшынакай жыттуу болушат.

ТЕРПИНОЛЕН терпинолен $C_{10}H_{16}$ М.С.-136,24. / $t_к$=185-187°С Элеминин манил майында жана корлендр майында болот. Терпинолен лимон жыттуу, түссүз суюктук, сууда эрибейт, уюлданбаган органикалык эриткичтерде жакшы эрийт. Терпинолен синтетикалык жол менен терпинеолдон коюу кулак кислотасынын жардамы менен суусун бөлүп таштоодон алынат/.

ТЕТРААЛКИЛСИЛАНЫ тетраалкилсиландар /$CH_3/_4Si$; /Тетраалкилсиландар $SiCl_4$ менен цинкдиалкилдердин өз ара аракеттенишинен алынат. Тетраалкилсилан составдык бөлүгүнө ажырабастан кайнайт. $t_к$=26,5°С/.

ТЕТРААЛКИЛТИУРАМДИСУЛЬФИДЫ тетраалкилтиурамдисульфиддер /к. тиурамы/.

ТЕТРААРИЛГИДРАЗИНЫ тетраарилгидразиндер /дифениламиндерди жана алардын туундуларын кычкылдандыруудан алынат.

$$2/C_6H_5/_2NH \longrightarrow /C_6H_5/_2N \longrightarrow N/C_6H_5/_2$$

Тетраарилгидразиндер жакшы кристаллдана турган түссүз зат. $t_э$=144°. Коюу күкүрт кислотасында эригенде көк түстү берет. Тетраарилгидразин химиялык валенттүүлүктү өнүктөөдө мааниси чоң/.

ТЕТРАЗИНЫ тетразиндер / 6-мүчөлүү шакекче системасында 4 атом азот кармаган гетероциклдүү бирикме. Молекуласында көп азот кармагандыктан кызыгычтуу бирикмелердин группасына кирет.

Төмөнкү туундулары белгилүү: 1/ 1,2,3,4-тетразин, 2/1,2,4,5--тетразин.



/I/

М.С.-70,06



/ II /

М.С.-70,06

1,2,4,5-тетразин күрөң кызыл түстөгү кристалл. $t_э$-99°С. Тез учуп кете турган жана жеңил составдык бөлүгүнө ажыроочу зат. Сууда нейтралдуу реакция көрсөтүп эрийт жана күрөң көк түскө боёлот/.

ТЕТРАЗОЛ тетразол /төрт атом азоттон жана бир атом көмүртектен турган шакекче, эки таутомериялык формада реакцияга кирет:





тетразол түссүз кристаллдан турат. $t_э$-155°С. Металлдар менен болгон туздары туруктуу/.

ТЕТРАКОЗАН тетракозан $CH_3/CH_2/_{22}CH_3$ /эфирден гана кристаллданат. $t_э$=50,6°, $t_к$-394°С, сууда эрибейт, бирок спиртте жана эфирде жеңил эрийт/.

ТЕТРАМЕТИЛЕН тетраметилен /к. циклобутан/.

ТЕТРАМЕТИЛАЛЛОКСАНТИН тетраметилаллоксантин/к.амалевая кислота/.



ТЕТРАНИТРОМЕТАН тетранитрометан $C/NO_2/_4$ /уксус ангидридинен жана азоттун кычкылынан /$N_2O_5$/ же болбосо көк азот кислотасынан пайда болот. $t_э$=113°, $t_к$=126°С. Туруктуу зат, бирок көмүртеги көп заттар аралашканда дүрт күйүп жарылат. Тетранитрометан каныкпаган заттар менен боёлгон продуктуларды пайда кылууга жөндөмдүү. Тетранитрометан суюк жарылгыч аралашмаларды кычкылдандырууда жана ракетанын отуну болуп колдонулат/.

ТЕТРАОКСИБЕНЗОЛ тетраоксибензол /үч түрдүү тетрабензол белгилүү, бирок эч кандай практикалык мааниси жок.



1,2,3,4-тетраоксибензол /вициналдуу/

$t_э$-161°, 185°С.



1,2,4,5-тетраоксибензол /симметриялуу, $t_э$=215-220°С/.



1,2,3,5-тетраоксибензол /симметриялуу эмес, $t_э$=165°С/

ТЕТРАФЕНИЛМЕТАН тетрафенилметан /$C_6H_5/_4C$ /Гомберг реакциясы боюнча толугу менен фенилденген метанды, бромдуу фенилмагнийге трифенилхлорметан менен таасирлөөдөн алынат. Тетрафенилметан түссүз кристаллдан турат. $t_э$=285°С. Эң эле туруктуу зат/.

9,10,11,12-ТЕТРАФЕНИЛНАФТАЦЕН 9,10,11,12-тетрафенилнафтацен /к. тетрафенилрубрен/.

ТЕТРАФЕНИЛПИРАЗИН тетрафенилпиразин /к. амарон/.

ТЕТРАФЕНИЛРУБРЕН тетрафенилрубрен




нафтацендин туундусу.Дюфре жана Дуре тетрафенилрубрендин кызыл түстүү, суутектүү көмүртек экендигин ачып, аныкташкан. Рубрен өтө але каныкпаган суутектүү көмүртек болгондуктан жарыкта кычкылтек менен биригип түссүз өтө кычкылды /перекись/ пайда кылат.

ТЕТРАФТОРЭТИЛЕН тетрафторэтилен , техникалык маанилүү полимерди алууда негизги сырье болуп колдонулат. Тетрафторэтилен хлороформго плавик кислотасы менен таасирлеп жана булардан туз кислотасын платина түтүгүндө 600-800° бөлүп таштоодон алынат. Реакциясы төмөндөгүдөй:

$$CHCl_3 + 2HF \longrightarrow CHClF_2 + 2HCl$$

$$2CHClF_2 \longrightarrow CF_2{+}CF_2 + 2HCl$$

ТЕТРАХЛОР-П-ХИНОН/ХЛОРАНИЛ /ЭРДМАН/ тетрахлор-п-хинон




